# “Келечек үчүн билим берүү” жана “Окутуунун негиздерин бекемдөө” долбоорлорун ишке ашыруунун алкагында башталгыч мектептик билим берүүгө жана мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүктү камсыздоо чараларына жүргүзүлгөн натыйжалуулук аудити жөнүндө ОТЧЕТ

**Бишкек 2025-жыл**

**МАЗМУНУ**


**1. ЖАЛПЫЛОО** ........................................................................ **1**

**1.1. Аудиттин темасы жөнүндө кыскача маалымат** ................................ 1

**1.2. Аудиттин максаты, предмети жана аудит камтыган мезгил аралыгы**.............. **1**

**1.3. Негизги жыйынтыктары жана корутундулары**................................ 1

**2. Киришүү** ........................................................................ **4**

**2.1. Көйгөй боюнча жалпы кырдаал** ........................................ 4

**2.2. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин ролу** ........................................................................ 4

**2.3. Долбоорлорду баяндоо жана каржылоо** ........................................ 4

**3. Аудиттин чөйрөсү жана ыкмасы** ........................................................ **7**

**3.1. Аудиттин темасы жана максаты** ........................................ 7

**3.2. Аудит үчүн тандоонун себеби** ........................................ 7

**3.3. Аудиттин суроолору**........................................................ 7

**3.4. Аудитти уюштуруу жана камтуу** ........................................ 8

**3.5. Аудиттин критерийлери**........................................................ 8

**3.6. Аудитке мамиле жана усулдары** ........................................ 9

**3.7. Маалымат булактары** ........................................................ 9

**3.8. Маалымат алуудагы чектөөлөр**........................................ 9

**4. АНЫКТАЛГАН ТОБОКЕЛЧИЛИКТЕР БОЮНЧА КӨЗӨМӨЛДӨӨ ЖАНА КОРУТУНДУЛАР** ........................................ 10

**4.1. Ички көзөмөл тутумун талдоо** ........................................ 11

**4.2. Башка индикаторлордун тууралыгына талдоо, чыгымдардын жана жыйынтыктардын тууралыгын талдоо, салыштыруу**.......................... 12

**4.3. Техникалык спецификацияларды пландоо жана иштеп чыгуу**.... 14

**4.4. Сатып алуу жол-жоболорун талдоо**........................................ 15

**4.5. Компьютердик жабдууларды техникалык талдоо**.......................... 17

**4.6. STEAM багыты боюнча компьютердик жабдууларды максатсыз бөлүштүрүү**............................................................................................ 19

**4.7. ДИАБ материалдык-техникалык камсыздоого багытталган долбоордун каражаттарын максатсыз пайдалануу** ................................ 20

**4.8. Мугалимдерди окутуу маселелери боюнча** ...................................... 21

**4.9. Санариптик билим берүү порталы үчүн окуу материалдарын иштеп чыгуу, көндүмдөр жана которуу маселеси боюнча**................................. 27

**4.10. Окуу материалдарын иштеп чыгуу боюнча кеңеш берүү кызматын бөлүштүрүү маселеси боюнча** ................................................................. 30

**4.11. Санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу маселеси боюнча (СББП)**........................................................................................ 33

**4.12. Санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу боюнча контракттарды башкаруу маселеси (СББП)** .......................................... 35

**4.13. Мугалимдерди окутууга контракттардын чыгымдалышын түзүү маселеси боюнча**............................................................................................ 37

**4.14. Мугалимдерди окутууга контракттардын чегинде тамактандырууну уюштуруу маселеси**.......................................................................................... 39

**4.15. Иш чаралардын байланышын камсыздоо** ..................................... 40

**4.16. Региондордо (жеринде) аудитордук текшерүү** ............................... 42

**4.16.1. Компьютердик жабдууларды жеткирүү: алардын болуусу жана эсеби, пайжалануудагы көйгөйлөрдүн болушу** ........................................42

**4.16.2. Мугалимдерди «санариптик сабаттуулук» темасы боюнча окутуу: окутуунун сапаты жана алынган көндүмдөрдүн иш жүзүндө колдонулушу** ..........................................................................................................45

**4.16.3. Коомдук бала бакчаларынын иши: шарттары, аянттары, баруучулардын саны** .........................................................................46

**5. СУНУШТАМАЛАР** ............................................................................ 48

**5.1. Ички көзөмөл тутуму**........................................................................... 48

**5.2.** Индикаторлордун тууралыгын жана чыгымдар менен жыйынтыктардын шайкештигин талдоонун жыйынтыктары боюнча................................. .....49

**5.3. Компьютердик жабдуулардын техникалык спецификацияларын пландаштыруу жана иштеп чыгуу боюнча талдоонун жыйынтыктары боюнча**........................................................................................... 49

**5.4. Сатып алуу жол-жоболорун талдоонун жыйынтыгы** ..................... 51

**5.5. Жеткирилип берилген жабдууларга техникалык талдоонун жыйынтыгы**......................................................................................... 51

**5.6. Мугалимдерди окутуу боюнча иш-чараларды талдоонун жыйынтыгы** ......................................................................................................... 52

**5.7. Окуу материалдарын иштеп чыгууну талдоонун жыйынтыгы** ... 52

**5.8. СББПны иштеп чыгууга талдоонун жыйынтыгы боюнча** ........... 53

**5.9 ОЖБМ жана КББларга жеринде текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча** ......................................................................................................... 54

**5.10 Ушул аудиттин материалдары** ......................................................... 55

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ** ....................................... 56

# 1. ЖАЛПЫЛОО

## 1.1. Аудиттин темасы жөнүндө кыскача маалымат

Аудит Дүйнөлүк банктын «Келечек үчүн билим берүү” жана “Окутуунун негиздерин бекемдөө” долбоорлорунун алкагында башталгыч жана мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын натыйжалуулугун баалоого багытталган. Текшерилүүчү мезгил: 2022-жылдын 1-январынан тартып — 2025-жылдын 30-мартына чейин. Аудит пландоо, сатып алуу, контракттарды аткаруу, жабдууларды алып келүү жана пайдалануу, санариптик окутууну даярдоо жана мугалимдерди окутууну камтыды.

## 1.2. Аудиттин максаты, предмети жана аудит камтыган мезгил аралыгы

Максаты: долбоолорду ишке ашыруунун алкагында билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана санариптештирүүнү кеңейтүүгө багытталган иш-чаралардын үнөмдүүлүгүн, жыйынтыктуулугун жана натыйжалуулугун баалоо.

Предмети: КР Билим берүү жана илим министрлигинин жана Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн максаттуу индикаторлорго жетишүүсүнө жана Долбоордун каражаттарын пайдалануу боюнча иш-чаралары.

Мезгил аралыгы: 01.01.2022-ж. — 30.03.2025-ж.

## 1.3. Негизги жыйынтыктары жана корутундулары

Өткөрүлгөн аудитте долбоорлордун жалпы багыты билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу максатына шайкеш келет, бирок, бул максаттарга жетүү төмөнкү байкоолор менен олуттуу чектелгендиги аныкталды:

1. Ички көзөмөлдү жана документ жүгүртүүнү уюштуруу:
   - Тутумдук кемчиликтердин болушу: маалыматтардын өз убагында берилбегендиги, кызматкерлердин алмашуусунда документтерди формалдуу кабыл алуу-өткөрүү, кириш-чыгыш каттардын журналдарынын толук эместиги. Бул ачыктыкты азайтат жана долбоордун чечимдерин текшерүүнү кыйындатат;
   -
2. Компьютердик жабдууларды сатып алуу боюнча пландаштыруу жол-жоболору жана техникалык спецификациялары
   - ТТга документи жок негизде көптөгөн өзгөртүүлөр (2021-жылы 4-5 тен кем эмес кайра бекитүү) СББПны (ЦОП) иштеп чыгууда

жана жабдууларды сатып алууда синхрондуулуктун жоктугу; платформа даяр болгонго чейин эле жабдуулар сатылып алынган.

3. Сатып алуулар жол-жоболору (тендер №KG-MES KR-G-RFB-2021-1A)
   - Баалоодо карама-каршылыктар жана айрым жол-жоболук чечимдерди этибар албоо (атап айтканда, катышуучулардын бири менен тобокелдиктер жөнүндө маалыматты текшерүү үчүн Тышкы иштер министрлигине/УКМКга суроо-талаптарды жөнөтпөгөндүгү) байкалган. Бул факторлор ак ниетсиз жеткирүүчү менен келишим түзүү тобокелдигин жогорулаткан.
4. Жеткирилип келинген жабдуулардын техникалык сапаты жана жарактуулугу
   - Жеткирилип келинген ПКда HDD жана 4 ГБ RAM (бир каналдуу) болгон —заманбап санариптик ресурстар үчүн талаптарды камсыз кылбайт; кабыл-алуу-өткөрүү документтеринде PassMark тестирлөө протоколдору жок.
   - Төмөн чечимдүүлүктөгү (с низким разрешением) жана 3D-модулдары менен проекторлор толук колдонулбайт, анткени кошумча жабдуулар жана контенттер жок; ҮЭК (ИБП) жана КФА (МФУ) көп учурда иштебейт же максатсыз пайдаланылат.
5. Санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү СББП(ЦОП)
   - Санариптик контентти иштеп чыгуу жана СББПнын үстүндө иштөө, жабдууларды сатып алгандан кийин гана башталган: санариптик материалдар 2023-жылдын IV чейрегинде, платформанын үстүндө иштөө 2024-жылдын мартында; 2025-жылдын октябрь айына карата платформа дагы эле тесттик режимде болгон.
   - Иш чаралар өз убагында жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу, техниканын толук кандуу колдонбай, моралдык жактан эскирүү тобокелдигине алып келген, о.э. платформанын максаттуу мүнөздөмөсү жана жабдуулардын техникалык тапшырмасынын талаптарынын ортосунда дал келбестикке алып келген.
6. Педагогдорду окутуу жана даярдоонун сапаты
   - Ири окутуу иш-чаралары өткөрүлгөн: санариптик сабаттуулук — 35 084 адам; түзөтүүчү окуу — 6 819 адам; инновациялык педагогикалык технологиялар жана STEM — 15 627 адам; «Балалык» — 827 адам.
   - Бирок, окутуу практикасында көндүмдөрдүн иш жүзүндө колдонулушу жана окуу процессине тийгизген таасири (санариптик ресурстарды үзгүлтүксүз колдонгон мугалимдердин пайызы; окутуудагы өзгөртүүлөрдүн

натыйжалары, окуучулардын жетишкендиктерине тийгизген таасири) боюнча маалыматтар фрагменттүү же толук эмес берилген. Бул өткөрүлгөн тренингдердин трансформациялык натыйжалуулугуна шек туудурат. Мындан тышкары, мугалидерди окутуу процессине мамлекеттик инфраструктураны тартууга мамлекеттик көз караштын жоктугу байкалат.

7. Натыйжалуулуктун индикаторлору жана мониторинг
    - Сандык көрсөткүчтөргө басым жасалган (алып келинген жабдуулардын саны, окутулгандардын саны). Бирок жыйынтыктын сапаттуу индикаторлору каралган эмес (окуучуларга тийгизген таасири, платформаны пайдалануу, окуучулардын жетишкендиктериндеги өзгөрүүлөр). Кээ бир негизги көрсөткүчтөр үчүн мониторинг маалыматтары камсыдалган эмес.
8. Ресурстарды максатсыз бөлүштүрүү жана пайдалануу
    - ДИАБнын муктаждыктары үчүн кымбат баалуу жабдууларды сатып алуу. Адистештирилген көмөкчү окуу жайларына жеткирип берилиши жана контенттин ыңгайлаштырылбагандыгы. Аталган жабдуулардын максатсыз же натыйжасыз пайдаланылышы.
9. Маалыматтык коопсуздук жана модернизациялоого муктаждык
    - Бирдиктүү маалыматтык коопсуздук саясатынын жана программалык камсыздоону жаңылоонун борборлоштурулган системасынын жоктугу; сатып алуулар этабында заманбап ОСтун (Windows 11 ж.б.) талаптары эске алынган эмес, бул модернизациялоого кошумча инвестициялардын муктаждыгын жогорулатат (минималдык сценарий ~1 727 424 АКШ долл; оптималдуу ~3 829 504 АКШ долл).

**Жалпы корутунду:** Жалпысынан долбоорлордун багыттары коюлган максаттарына дал келет, бирок, системалык башкаруучулук, жол-жоболук жана техникалык кемчиликтер билим берүү тармагында олуттуу жылыштарга жетпей калуу коркунучун туудурат жана кошумча бюджеттик каражаттарды сартпоо тобокелчилигин жаратат.

## 2. КИРИШҮҮ

### 2.1. Маселе боюнча жалпы абал

Башталгыч жана мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо КР Билим берүү жана илим министрлигинин негизги милдеттеринин бири.

Министрлик эл аралык каржы институттарынын колдоосу менен билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө, окутууга заманбап ыкмаларды киргизүүгө, билим берүү процессин санариптештирүүгө багытталган иш-чараларын ишке ашырууда.

Дүйнөлүк банктын «Келечек үчүн билим берүү" жана "Окутуунун негиздерин бекемдөө" долбоорлорунун алкагында материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү, педагогдордун квалификациясын жогорулатуу, санариптик ресурстарды түзүү жана билим берүүнүн сапатын башкаруу механизмдерин киргизүүнү камтыган комплекстүү чаралар ишке ашырылууда.

### 2.2. КР Билим берүү жана илим министрлигинин ролу

**«Келечек үчүн билим берүү"** долбоорунун жоболоруна ылайык, анын максаты билим берүү тармагында 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын максаттарына жетишүүгө салым кошуу болуп саналат.

КР Билим берүү жана илим министрлиги мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү, окутуунун сапатын жогорулатуу, санариптик билим берүү ресурстарын киргизүү боюнча долбоорлорду ишке ашырууну координациялоодо.

Долбоорлорду ишке ашыруу Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү аркылуу жүргүзүлөт, ал сатып алууларды, финансылык башкарууну, Дүйнөлүк банк жана ведомствого караштуу мекемелер менен байланышты жана ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчеттуулукту камсыздайт.

### 2.3. Долбоорлоду баяндоо жана каржылоо

**«Келечек үчүн билим берүү"** долбоору

Долбоор Дүйнөлүк банк тарабынан №6563-KG Насыя жана №D573-KG грантынын негизинде каржыланган.

Каржылоонун жалпы көлөмү 50,0 млн АКШ доллары, анын ичинде:

- 25,0 млн доллары (16,300,000 СПЗ - Өзгөчө зайым укуктары)-Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (МАР) насыясы;
- 25,0 млн доллары (16,300,000 СПЗ - Өзгөчө Зайым укуктары) — Дүйнөлүк банктын гранты.
-

**Долбоордун максаты**: Төмөнкүлөр аркылуу билим берүү тармагында 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын максаттарына жетишүүгө салым кошуу:

1.Мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү.

2.Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, анын ичинде социалдык-эмоционалдык көндүмдөрдү жана адаптивдүү окутууну өнүктүрүү.

3.Окутуу процессине санариптик технологияларды киргизүү.

4.Окуучулардын когнитивдик жана когнитивдик эмес жөндөмдөрүн өлчөө системасын өркүндөтүү.

**Долбоордун компоненттери:**

1. **1-компонент: Окутууну жана билим берүүнү жакшыртуу** (Бюджет: 47,0 млн. АКШ долл.)
   - 1.1-компонентче: Айыл жергесинде жалпы бала бакчаларын түзүү аркылуу мектепке чейинки билим берүүнү жакшыртуу (ОДС). (Бюджет: 18,0 млн. АКШ долл.)
   - 1.2-компонентче: Мектепке чейинки жана орто мектептердин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу (Бюджет: 4,5 млн. АКШ долл.)
   - 1.3.-компонентче: Окутуу прцесстерине санариптик процесстерди киргизүү. (Бюджет: 21,0 млн. АКШ долл.)
   - 1.4-компонентче: Окутуунун жыйынтыгын өлчөө системасын өркүндөтүү. (Бюджет: 3,5 млн. АКШ долл.)
2. **2-компонент: Натыйжаларга жетүү үчүн ишке ашырууну башкаруу** (Бюджет: 3,0 млн. АКШ долл.)
   - 2.1-компонентче: Координацияларды, мониторингди жана отчеттуулукту колдоо. (Бюджет: 1,0 млн. АКШ долл.)
   - 2.2.-компонентче: Рандомизациялык контролдук сыноо аркылуу долбоордун таасирин баалоо. (Бюджет: 1,0 млн. АКШ долл.)
   - 2.3.-компонентче: Маалымат жана мониторинг аркылуу жарандык коомдун катышуусу. (Бюджет: 1,0 млн. АКШ долл.).

**“Окутуунун негиздерин бекемдөө” долбоору**

Долбоор Дүйнөлүк банктын техникалык жардамы менен билим берүү чөйрөсүндө глобалдык өнөктөштүк (GPE_TF0B6138) грантынын эсебинен каржыланат. Гранттык каржылоо 4,8 млн. АКШ долл.

Долбоордун негизги максаты баштапкы класстарда заманбап усулдарды киргизүү жана окутууда, жазууда, эсептерде негизги көндүмдөрдү өнүктүрүү аркылуу окутуунун сапатын жогорулатуу. Долбоордун алкагында төмөнкүлөр камтылат:

- окуу жана методикалык материалдарды иштеп чыгуу;
- башталгыч класстардын мугалидерин окутуу;
- мектептерди билим берүүдөгү жаңыланган ыкмаларды ишке ашыруу үчүн зарыл ресурстар жана куралдар менен камсыздоо.

**Долбоордун компоненттери:**

**1-компонент: Муктаж балдар үчүн мектепке чейинки билим берүү кызматтарын кеңейтүү**. (Бюджет: 3,7 млн. АКШ долл.)

- 1.1-компонентче: Мектепке чейинки билим берүү кызматын кеңейтүү. (Бюджет: 2,7 млн. АКШ долл. )
- 1.2-компонентче: Педагогикалык практикасынын натыйжалуулугун жогорулатуу. (Бюджет: 1,0 млн. АКШ долл )

**2-компонент:** Системанын ишин жакшыртуу максатында саясатты жана каржылоону жакшыртуу. (Бюджет: 340,6 миң АКШ долл.)

**3-компонент:** Жарандардын катышуусун камсыздоо жана ишке ашырууну колдоо (Бюджет: 749,5 миң АКШ долл.)

- 3.1-Компонентче: Кызыкдар тараптын катышуусу. (Бюджет: 105,0 миң АКШ долл.)
- 3.2-компонентче: Долбоордун таасирин баалоо (Бюджет: 80,0 миң АКШ долл.)

**3.3-компонентче:** Ишке ашырууну колдоо. (Бюджет: 564,5 миң АКШ долл.).

**Жооптуу түзүмдөр**

Эки долбоорду ишке ашырууга жооптуу орган болуп КР Билим жана илим министрлиги саналат. Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнө бул иш-чараларды ишке ашыруу жүктөлгөн: пландоо, сатып алууларды жүргүзүү, эл аралык донорлор менен координациялоо жана келишимдин аткарылышын көзөмөлдөө.

Долбоордун бенефициарлары болуп жабдууларды, окутуу материалдарын жана методикалык колдоого алган жалпы билим берүүчү мектептер, мектепке чейинки уюмдар жана педагогикалык колледждер саналат.

**Долбоордун максаттарына ылайык күтүлгөн натыйжалар**

- Балдарды сапаттуу мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү программалары менен камтууну жогорулатуу;
- кеминде 1 200 мектепти жана 8 педагогикалык колледжди компьютердик жабдуулар менен камсыздоо;
- кеминде 30 000 педагогду санариптик сабаттуулук, инновациялык педагогикалык технологиялар жана эрте өнүктүрүү багыттарында даярдоо;
- окутуунун сапатын мониторингдөөгө окутуу материалдарына жана окуу куралдарына жетүүнү камсыз кылган санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу жана киргизүү.

# 3. АУДИТТИН ЧӨЙРӨСҮ ЖАНА ЫКМАСЫ

## 3.1. Аудиттин темасы жана максаты

Аудиттин темасы:

«Келечек үчүн билим берүү” жана “Окутуунун негиздерин бекемдөө” долбоорлорунун алкагында башталгыч жана мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо боюнча жүргүзүлүп жаткан чаралардын натыйжалуулугун баалоо.

Аудиттин максаты:

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бул долбоолорду ишке ашырууда коюлган максаттарга жетишүү үчүн сатып алуулар жол жоболорунун ачык айкындуулугун, берилген каражаттардын рационалдуу пайдалануусун жана билим берүү системасында туруктуу натыйжа алууда, канчалык үнөмдүү, жыйынтыктуу жана натыйжалуу камсыздагандыгын аныктоо.

## 3.2. Аудит үчүн тандоонун себеби

Аудит адам капиталын жогорулатууга жана билим берүү процессин санариптештирүүгө багытталган долбоорлордун жогорку социалдык жана финансылык маанисинен улам өткөрүлдү.

Долбоорлор эл аралык насыялардын жана гранттардын эсебинен каржыланат жана аларды ишке ашырууда жоопкерчиликти, натыйжалуулукту жана ачыктыкты жогорулатууну талап кылат. Мындан тышкары, мурдагы жылдарда өткөрүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча каражаттардын өз убагында өздөштүрүлбөгөндүгү, келишимди аткарууда кечеңдетилгендиги, Министрликтин бөлүмдөрү менен эл аралык өнөктөштөрдүн ортосунда жетишсиз координациялоо фактылары аныкталган, бул натыйжалуулук аудитинин планына аталган теманы киргизүүгө түрткү болгон.

## 3.3. Аудиттин суроолору

Аудиттик изилдөөнүн алкагында төмөкү негизги суроолор түзүлдү:

1. Долбоорду ишке ашыруунун алкагында Ички көзөмөл системасы натыйжалуу иш алып барабы жана иш кагаздарында айкындуулукту, жоопкерчиликти, коопсуздукту камсыздайбы?
2. Пландоо, сатып алуу жана келишимди аткаруу жол-жоболору мыйзамдын талаптарына жана Дүйнөлүк банктын көрсөтмөлөрүнө ылайык келеби?
3. Техникалык мүнөздөмөлөр, тендердик шарттар жана жеткирилген жабдуулар санариптештирүү максаттарын жана мектептердин билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен иштелип чыгып, бекитилгенби?
4. Окутуу процессинде алып келинген компьютердик жана перифериялык жабдуулар канчалык натыйжалуу колдонулат?

5. Долбоордун каражаттарын рационалдуу пайдалануу камсыздалдыбы жана санариптик технологияны киргизүү, педагогдордун квалификациясын жогорулатуу боюнча пландалган натыйжаларга жетишилдиби?
6. Долбоордун натыйжалуулугунун индикаторлору иш жүзүндөгү окутуунун натыйжалуулугун, билим берүү кызматтарынын санариптештирүүсүн жана сапатын баалоону камсыздайбы?
7. Санариптик билим берүү платформасынын туруктуу иш алып баруусуна шарт түзүлгөнбү?

8. Белгиленген муктаждыкты эске алуу менен мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүк камсыздалганбы?

**3.4. Аудитти уюштуруу жана камтуу**

Аудит объектиси: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги.

Түзүмдүк бөлүмдөрү: Долбоорду ишке ашыруу бөлүмү (ОРП), Билим берүүнүн жана маалыматтык технологиялардын сапатын баалоо боюнча улуттук борбору (НЦОКОИТ), Республикалык педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу институту, долбоорду ишке ашырууга катышкан областтык жана райондук билим берүү бөлүмдөрү, тандалган жалпы билим берүү мектептери.

Аудит камтыган мезгил аралыгы: 2022 жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 30-мартына чейин

Аудиттин түрү: натыйжалуулук аудит.

Аудитордук топ: КРЭПтин мамлекеттик инспекторлору жана IT-аналитик.

**3.5. Аудиттин критерийлери**

Натыйжалуулугун баалоодо төмөнкү критерийлер колдонулду:

- 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын Улуттук өнүктүрүү стратегиясы;
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы,
- Кыргыз Республикасынын 2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү программасы;
- Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы каржылоо жөнүндөгү макулдашуу;
- Кыргыз Республикасы менен Эл аралык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы жана Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы гранттык макулдашуу;
- Долбоордун оперативдүү колдонмолору;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин жөнгө салуучу Жоболору жана уставдары;

**3.6. Аудиттин усулдары жана ыкмасы**

Аудит ISSAI 3000 (2015-ж. кайра каралган) натыйжалуулук аудити үчүн көрсөтмөлөрүнүн жетекчилигинин негизинде, о.э. КРЭП Кеңешинин 2015-жылдын 29-октябрындагы №03-7/107 токтому менен бекитилген Натыйжалуулук аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

Аудит Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнүн жана Дүйнөлүк банктын ортосундагы документтерди, отчетторду жана кат алышууларын талдоо негизинде жүргүзүлгөн.

Колдонулган усулдар:

- Документтик талдоо жана келишимдерди, тендердик материалдарды тандап алуу менен текшерүү;
- Иш жүзүндөгү маалыматтарды белгиленген критерийлер менен салыштыруу;
- ДИАБдын кызмат адамдары жана жооптуу адистери ж.б. адамдар менен маектешүү;
- Тандалып алынган мектептерди жана коомдук бала-бакчаларды жеринде барып текшерүү;
- Берилген жабдуулардын мүнөздөмөлөрүнүн техникалык талаптарга заманбап стандарттарга шайкештигине IT-талдоо.

**3.7. Маалымат булактары:**

Маалыматтын негизги булактары болуп:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн расмий документтери жана отчеттору;
- Долбоордук каражаттардын түшүү жана чыгымдалышы боюнча финансылык отчеттору;
- Тендердик жана келишимдик документтер;
- Жабдууларды кабыл алуу-өткөрүү жана кызмат көрсөтүү актылары;
- Педагогдорду окутуу жана долбоордун компоненттерин ишке ашырууну мониторингдөө боюнча отчеттор;
- Жооптуу кызмат адамдарынын түшүндүрмөлөрү жана жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрү;
- башка аналитикалык маалыматтар жана ички отчеттор.

**3.8. Маалыматты алуудагы чектөөлөр**

Аудиттин жүрүшүндө төмөнкү чектөөлөр келип чыкты:

- Долбоорду ишке ашыруу бөлүмү тарабынан суралган документтерди жана маалыматтарды өз убагында берилбегендиги;
- Системалуу документ жүгүртүүнүн жана эсептик номенклатурасынын жоктугу;
- Негизги кызматтардагы кадрлардын тезден алмашылышы (сатып алуу боюнча адистер, IT-координаторлору, финансы менеджерлери);
- Жумушчу топтун жыйналыштарынын айрым протоколдорунун

жоктугу;

- Кириш-чыгыш документтеринин журналдарында толук каттоо жүргүзүлбөгөндүгү.

Бул жагдайлар долбоорду ишке ашыруунун айрым этаптарына толук талдоо жүргүзүүнү, о.э. натыйжалуулук жана мониторинг көрсөткүчтөрү боюнча айрым маалыматтардын ишенимдүүлүгүн баалоо мүмкүнчүлүгүн чектеди.

# 4. Аныкталган тобокелчиликтер боюнча көзөмөлдөө жана корутундулар

## 4.1. Ички көзөмөл тутумун талдоо

Бул аудит берилген документтердин негизинде жүргүзүлүп, төмөнкүдөй аудит үчүн керектүү документтердин, маалыматтардын накталай жоктугуна байланышкан кыйынчылыктарга дуушар болду. О.э. отчеттук маалыматтары менен Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнүн ортосундагы байланыш жетишсиз болгон, атап айтсак, иш кагаздарын жүгүртүү тартиби, пландоо жана сатып алууну жүргүзүүдө сатып алуулар секторунун иши. IT координаторлору ж.б. жоопкер адамдар тарабынан түзүлгөн документтерди эсепке алуу, сактоо боюнча ролдорду бөлүштүрүүдө так ченемдердин жоктугу. Аудитке берилген маалыматтар акыркы тапшыруу алдында бир нече жолу өңдолуп берилип жатты.

Аудит учурунда жүргүзүлгөн талдоодо КР ББИМдин долбоорду ишке ашыруу бөлүмүндө, анын ичинде: сатып алуулар секторунда, финансы менеджерлери жана IT-координаторлору кызматтарында кадрлардын алмашуусу көп болгондугун аныктады. Аудит учурунда сатып алуулар боюнча башкы адис, финансы менеджери жок болгон, жаңы ишке алынган финансы менеджери 2025-жылдын март айында бир ай гана иштеген. Бул убакытта финансы менеджер керектүү маалыматтарды берүүдө олуттуу кыйынчылыктарга дуушар болгон, бул толук талдоо жүргүзүүгө тоскоолдук жараткан.

Жүргүзүлгөн сатып алууларда, анын ичинде конкурстук документтерде техникалык спецификацияны иштеп чыгууга байланыштуу документтерди сактоону уюштуруу иштери начар экендиги белгиленди. Буга суралган документтердин 10-15 күнгө, кээ бирде 2-3 айга чейин кечиктирилип берилгендиги далил. Бул фактылар өз ара алмашуунун, ырааттуулуктун төмөндүгүн жана тутумдук мамиленин жоктугун билдирет.

Жогорудагыларды эске алуу менен, аудит төмөнкүдөй корутундуга келди: эмгек китепчелерин жүргүзүү жана сактоо тартибин көзөмөлдөө жана эсепке алуунун, иш кагаздарынын жүргүзүүнүн регламенттелген эрежелеринин жоктугу, иштердин номенклатурасы, кабыл алуу-өткөрүү актыларын формалдуу даярдоо, ДИАБда персоналдарды алмаштырууда жол-жоболоштуруу баракчасын (обходного листа) жокко чыгаруунун натыйжасында, кызматкерлер тийиштүү документтерин жана активдерди өткөрүп бербестен кетип калууга жол берет, бул долборду ишке ашырууда документалдык коштоо кыйынчылыгына алып келет.

**4.2. Айрым индикаторлордун тууралыгын талдоо, чыгымдарды жана жыйынтыктарды салыштырууну талдоо**

Долбоордун шарттарына ылайык, анын максаттары белгиленген көрсөткүчтөргө жетишүүгө багытталган. Билим берүү процессин санариптештирүү компьютердик жабдууларды сатып алуу, мугалимдерди санариптик сабаттуулукка үйрөтүү, санариптик билим берүү платформасын жана тиешелүү контентти иштеп чыгуу аркылуу ишке ашырылган. Долбоордун алкагында санариптештирүүнүн негизги көрсөткүчтөрү болуп төмөнкүлөр саналат:

- Окутуу практиканы жакшыртуу боюнча түздөн-түз интервенциялардан пайда алган окуучулар;
- күнүнө санариптик китепканага онлайн кирүүлөрдүн орточо саны. Максаттык көрсөткүч – жыл сайын көбөйүү;
- окутуудан өткөн мугалимдерден пайда алган окуучулар.

Аудит бул индикаторлорду төмөнкүлөр боюнча баалады:

- активдүүлүк гана эмес, иш жүзүндөгү натыйжаларды чагылдыруу;
- долбоордун максаттарына түздөн түз байланышы;
- жөн гана ишке ашырылышы эмес, кырдаалдын өзгөрүшүн көрсөтүү;
- өлчөнгөн нерсенин масштабына жана маанисине шайкеш келиши;
- үстүртөн же формалдуу эмес;
- сандык эле эмес, сапаттык көрсөткүчтөрүн камтылышы.

Талдоонун жыйынтыгы боюнча аудит көпчүлүк учурда пландаштырылган индикаторлор көздөгөн максаттарга дал келерин белгилейт. Бирок, долбоордо белгиленген санариптештирүүнүн негизги индикаторлору формалдуу мүнөзгө ээ. Мисалы, "мектептерде МТ (МТ) платформасы орнотулган" же "китепканага кирүүнүн орточо саны" сыяктуу аталыштар окуу процессиндеги же окуучулардын билим алуудагы чыныгы өзгөрүүлөрдү өлчөө менен байланышкан эмес.

Инвестициянын масштабын эске алганда, долбоор көбүрөөк мазмундуу, өлчөнө турган жана натыйжага багытталган көрсөткүчтөрдү талап кылат:

- санариптик ресурстарды окуу практикасында колдонгон мугалимдердин % ;

- санариптик көндүмдөрдүн өсүшүн көрсөткөн мугалимдердин жана окуучулардын % ;

- санариптик билим берүү платформасын колдонуу менен өткөрүлгөн сабактардын %.

Жүргүзүлгөн аудит колдонуудагы индикаторлор боюнча иш-чаралардын натыйжалуулугун жана жыйынтыгын эмес, ишке киргизүү фактысын гана белгилей тургандыгын көрсөттү. Аларда платформаны жана

жабдууларды колдонуу деңгээлин баалоо, ошондой эле билим берүүнүн натыйжалары менен байланыш жок. Ушуга байланыштуу, санариптик трансформациянын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында аудит тарабынан альтернативдүү сапаттык индикаторлор каралып чыкты:

| **Чара** | **Индикатор** | **Жыйынтык** |
|---|---|---|
| платформаны пайдалануу | Мектептерде платформаны киргизүү (ооба/жок) | платформаны жумасына 2 жолудан кем эмес пайдаланган мугалимдердин % |
| Санариптик китепкана | Киргендердин орточо саны | Тапшырмалары үчүн платформаны жана санариптик китепкананы пайдаланган окуучулардын % |
| Педагогдорду окутуу | Окутулгандардын саны | Санариптик куралдар пайдаланылган сабактардын % (сабактардын планы боюнча) |
| Жабдуулар | Сатылып алынган компьютерлердин саны | активдүү колдонулган станциялардын үлүшү (күн, ай, жыл боюнча) |
| Окуучуларга таасири | Өлчөнгөн эмес | Пилоттук жана көзөмөлдүк мектептердеги окуучулардын жетишкендиктерин салыштыруу |
| Интеграция жана туруктуулук | Каралган эмес | Сабактардын санариптик сценарийлеринин, (ИКТ) МКТ-ресурстарынын, техникалык колдоонун, долбоор аяктагандан кийин |

| Чара | Индикатор | Жыйынтык |
|---|---|---|
| | | улантуучулуктун болушу |

Мындан тышкары, эксперт А.Жамансариевдин мониторинг боюнча каралган отчетуна ылайык, "окуган мугалимдерден пайда алган окуучулар" индикатору боюнча аудитке маалыматтар берилген эмес, бул стратегиялык жактан маанилүү индикатордун аткарылбай калуу коркунучу жогору экендигин айгинелейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, аудит долбоордун алкагында белгиленген индикаторлор жетиштүү жана мазмундуу болуп саналбайт деп эсептейт. Алар окуудагы чыныгы өзгөрүүлөр, окуучулардын натыйжалары менен байланыш түзбөйт жана долбоордун көлөмүнө жана максаттарына дал келбейт.

## 4.3. Техникалык спецификацияларды пландоо жана иштеп чыгуу

Аудит, 1200 мектеп жана 8 педагогикалык колледж үчүн компьютердик жабдуулардын техникалык мүнөздөмөлөрүн иштеп чыгуу жана бекитүү процесси тутумдуу эмес жүргүзүлгөндүгүн, долбоорду башкаруу логикасын бузуу менен жана документтештирилген чечимдердин ырааттуулугу жок жүргүзүлгөндүгүн аныктады.

Жумушчу топтун алгачкы чечиминде (2020–жылдын октябрь — ноябры) моноблокторду сатып алуунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө профилдик уюмдардын - Кыргыз информатиктер Ассоциациясынын жана Кыргыз билим берүү академиясынын сунуштарына карабастан, 2021-жылдын апрелинде персоналдык компьютерлерге өтүү жөнүндө негизсиз чечим кабыл алынган. Мында отурумдун протоколу мындай өзгөртүүнү негиздөө менен жана жабдуулардын тибин алмаштырууга негиз болгон талдоонун натыйжалары аудитке берилген эмес.

Техникалык мүнөздөмөлөрдү бекитүү процесси бир нече жолу өзгөртүүлөр жана кайра бекитүүлөр менен коштолгон (2021-жылдын май айынан ноябрь айына чейин төрт жолудан кем эмес), бул тендер жарыялоонун кечеңдешине жана компонентти ишке ашыруу мөөнөтүнүн узарышына алып келди. Мында, жабдуулардын санындагы өзгөртүүлөр ишенимдүү негиздемелер менен коштолгон эмес, ал эми техникалык мүнөздөмөлөрү боюнча олуттуу оңдоолор жүргүзүлгөн эмес.

Аудит тарабынан ошондой эле долбоордун IT-координатору компонентченин иш-чаралар планын түзүү жана ишке ашыруу боюнча милдетин аткарбагандыгы аныкталган, бул функционалдык милдеттердин

талаптагыдай аткарылбагандыгы жана башкаруучулук координациянын жоктугун күбөлөндүрөт.

Мындан тышкары, техникалык спецификацияларды иштеп чыгуу 1.3-компоненттченин негизги элементи болуп саналган санариптик билим берүү платформасына талаптарды эске албастан ишке ашырылган. Натыйжада, жабдуулар 2023-жылдын 1-кварталында - платформанын өзү (2024-жылдын март айы) жана тиешелүү санариптик контент иштелип чыкканга чейин сатылып алынган жана жеткирилген.

Бул долбоордун ырааттуулугунун, логикасын бузду жана сатылып алынган жабдуулардын санариптик билим берүү чөйрөсүнүн иш жүзүндөгү талаптарына шайкеш келбей калуу коркунучун жаратты.

Аудит КР Билим берүү жана илим министрлиги спецификацияларды иштеп чыгууда өз түзүмдөрүнүн ортосундагы өз ара аракеттенүүгө тийиштүү талдоо жүргүзбөгөндүгүн жана билим берүү секторунун иш жүзүндөгү керектөөлөрүн эске албагандыгын кошумча белгилейт. PISA-2025 изилдөөсүнө даярдануу боюнча диагностиканын натыйжаларына ылайык (2024-жылдын 1-сентябрындагы №1414/1 буйругуна №1 протоколу) көпчүлүк мектептер МТ жабдууларынын жана интернет ылдамдыгынын начардыгынан улам онлайн баалоого катыша албай тургандыгын тастыктаган. Буга карабастан, техникалык спецификацияда атайын SSD-дисктерди жана заманбап конфигурацияларды колдонуу каралган эмес, бул андан ары сатылып алынган техниканы жаңыртуу зарылчылыгы тобокелдигин жаратат.

Ошентип, техникалык спецификацияларды иштеп чыгуу стратегиялык ыкмасыз, санариптештирүүнүн актуалдуу талаптарын талдоосуз жана профилдик бөлүмдөр менен тийиштүү координациясыз ишке ашырылгандыгы, бул заманбап талаптарга жооп бербеген жана кошумча модернизациялоого муктаж болгон жабдууларды сатып алууга алып келди.

**4.4. Сатып алуу процессин талдоо**

Аудит учурунда, компьютердик жабдууларды, анын ичинде: Кыргыз Республикасындагы 1200 мектеп, 8 педагогикалык колледж үчүн алынган 24 168 персоналдык компьютерлерди, 7 208 проекторлорду, 1 208 көп функционалдуу аппарат, 2 408 түйүндүк коммутаторлор жана 1 208 үзгүлтүксүз электр камсыздоо булактарды сатып алууда эл аралык №KG-MES KR-G-RFB-2021-1A тендерин өткөрүүнү жүргүзүүдө ачыктык, объективдүүлүк жана катышуучуларга бирдей мамиле кылуу принциптерин системалуу бузуу менен коштолгондугу аныкталды.

Техникалык өзгөчөлүктөрдү бир нече жолу кайра кароо жана бекитүү (2021-жылдын ичинде беш жолу), катышуучуларга көптөгөн түшүндүрмөлөр жана буюртмачы менен Дүйнөлүк банктын ортосундагы

макулдашылбаган аракеттер Билим берүү жана илим министрлигинин тендерди өткөрүүгө жетишсиз даярдыгын тастыктайт. Бул сатып алуу жол-жоболорун создуктуруга жана техникалык талаптарды түшүнүксүз чечмелөөгө алып келди.

Жумушчу топтун жана тендердик комиссиянын отурумдарынын протоколдорун талдоо сунуштарды баалоого бирдей мамиленин жоктугун көрсөттү: ошол эле параметрлер (атап айтканда, (CPU Mark - процессордун иштөөсү) жана монитордун жыштыгы боюнча четтөөлөр) катышуучуга жараша ар кандай деңгээлдеги катаалдык менен каралган.

Бир катар учурларда жумушчу топ жаңы фактыларды же объективдүү негиздерди көрсөтпөстөн өз чечимдерин өзгөрткөн (мисалы, "Лоджик" ААКнын жана "Визард компьютерс" ЖЧКнын катышуучулары адегенде ылайык келет, андан кийин техникалык талаптарга ылайык келбейт деп табылган). Мындай карама-каршылыктар ички баалоонун объективдүү эместигин, ошондой эле тендердик документтерди даярдоонун сапатынын төмөндүгүн көрсөтөт.

"Хандикрафт" ЖЧКсынын (Кыргыз Республикасы) жана "Фирма Казинтерсервис" ЖЧКсынын (Казакстан Республикасы) консорциумунун тендерге катышуу фактысы өзгөчө көңүлдү бурат, ал учурда Казакстан Республикасында бул фирманын билим берүү мекемелерине компьютердик жабдууларды ушундай эле жеткирүүдө коррупциялык жана алдамчылык аракеттери жөнүндө жарыялоолор болгон, ошондой эле соттун чечимине ылайык соттолгондугу тууралуу маалымат болгон. Жумушчу топтун мүчөсүнүн өзгөчө пикирине жана тендердик комиссиянын көрсөтмөсүнө карабастан, маалыматтарды текшерүү үчүн КР ТИМге жана УКМКга расмий суроо-талаптарды жөнөтүү боюнча суроо-талаптар иш жүзүндө жөнөтүлгөн эмес. Бул чечимдин аткарылбагандыгы Дүйнөлүк банкты катышуучунун репутациялык тобокелдиктери жөнүндө объективдүү маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратты.

Тендердин катышуучусу конкурстук сунушта ага карата козголгон кылмыш ишинин бар экендиги жөнүндө маалыматты көрсөткөн эмес, бул тендердик документтердин "алдамчылык жана коррупция" пунктуна каршы келет жана тендердик комиссияны жана эл аралык донорду адаштырууга алып келген. Жооптуу адамдар тарабынан документтерди тийиштүү контролдоонун жоктугу жана потенциалдуу коррупциялык тобокелдиктерди аныктоодогу аракетсиздик долбоорду ишке ашыруу органы (ДИАБ) жана КР БИМ тарабынан ички контролдун жана башкаруучулук жоопкерчиликтин талаптагыдай эмес деңгээлде жүргүзүлгөндүгүн көрсөтүп турат.

Көрсөтүлгөн жагдайларга карабастан, "Хандикрафт + Казинтерсервис" Консорциуму тендердин жеңүүчүсү деп табылып,

келишимдин суммасы 15,07 млн АКШ долларын түзгөн, бул бекитилген сатып алуу бюджетинин 80% түзгөн. Мында жеңүүчү деп таануу жөнүндө чечим жабдуучунун ак ниеттүүлүгүнө терең текшерүү жүргүзбөстөн кабыл алынган, бул Дүйнөлүк банктын стандарттарында каралган ачыктык, отчеттуулук жана антикоррупциялык ак ниеттүүлүк принциптерин бузууга алып келген.

Ошентип, №KG-MES KR-G-RFB-2021-1A тендер процедуралык четтөөлөр, чечимдердин ыраатсыздыгы, документалдык көзөмөлдүн жоктугу жана тендердик комиссиянын чечимдеринин аткарылбагандыгы менен мүнөздөлөт, бул ак ниетсиз жабдуучу менен келишим түзүүнүн жогорку тобокелдигин жараткан жана Дүйнөлүк банктын каражаттарынын эсебинен каржыланган ак ниет сатып алуулардын эл аралык стандарттарынын сакталышына шек келтирген.

4.5. **Компьютердик жабдууларга техникалык талдоо**

Аудит тарабынан "Келечек үчүн билим берүү" долбоорунун алкагында сатылып алынган компьютердик жабдуулар санариптик билим берүү чөйрөсүнүн заманбап талаптарына жооп бербегендиги жана аны активдүү колдонуу башталганга чейин эле олуттуу деңгээлде актуалдуулугун жоготкондугу аныкталган.

Долбоорду ишке ашыруунун төмөн натыйжалуулугунун башкы себеби санариптик билим берүү технологияларын киргизүүнүн логикалык ырааттуулугунун бузулушу болду: жабдуулар 2022-жылы сатылып алынган, ал эми санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгууга жана киргизүүгө контракт 2024-жылдын март айында гана түзүлгөн. Бул кырдаал техникаынын эки жылдан ашык платформа менен биргеликте иштетилбей калышына, эскиришине жана иш өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келди.

Аудит тарабынан жеткирилген компьютерлердин иш жүзүндөгү мүнөздөмөлөрү техникалык спецификацияда каралган талаптарга дал келбегендиги тастыкталды. Ошентип, 2025-жылдын апрелиндеги тестирлөөдө, Intel Core i3-10105 процессорунун өндүрүмдүүлүгүнүн орточо көрсөткүчү болжол менен 8,493 балл CPU Mark  түздү, бул белгиленген конкурстук талапттардан 380 баллга төмөн (8,873 балл). Конфигурациялык талдоого ылайык, дал келбестиктин себеби, эскирген техникалык чечимдерди колдонуу болгон — катуу дисктер (HDD)  жана 4 ГБ бир каналдуу оперативдүү эстутум, алар белгиленген өндүрүмдүүлүк деңгээлине жетүүгө жол бербейт. Мында кабыл алуу-тапшыруу документтеринде  CPU Benchmark тестирлөө протоколу жок, бул кабыл алуу контролунун талаптагыдай жүргүзүлбөгөнүн көрсөтөт.

Кошумча жабдуулардын курамына техникалык жана функционалдык жактан ашыкча компоненттер киргизилгендиги, анын практикалык мааниси жок экендиги аныкталган:

- билим берүү мекемелеринде пайдаланылбаган COM- портторунун болушу 88,8 миң АКШ долларына жакын рационалдуу эмес чыгымдарга алып келди;
- төмөн чечилиштеги проекторлор (800*600) жана пайдаланылбаган 3D модулдар сатып алууну кеминде 338,8 миң долларга кымбаттатты, долбоордо жана санариптик билим берүү платформасында 3D контентин колдонуу каралган эмес;
- аудио уячалары (Jack) жана жеткирүүгө киргизилген тиешелүү кабелдер иш жүзүндө колдонулбайт, бул болжол менен 50,7 миң долларга кошумча чыгымдарды алып келген;
- сатылып алынган үзгүлтүксүз электр булактары (ИБП) окуу процессинин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылбайт, анткени бир гана түзүлүшкө туташтырылган жана кээ бир учурларда токтоп турат, бул 9,7 млн сом өлчөмүндө натыйжасыз чыгымдарга алып келди;
- Көпчүлүк мектептерде техникалык тейлөөнүн кымбаттыгынан улам көп функционалдуу аппараттар (принтер) иштебей турат, ал эми айрым учурларда берилген коммутаторлор дагы деле иштей элек, бул толук локалдык тармакты түзүүгө мүмкүнчүлүк бербейт.

Аныкталган кемчиликтер техникалык пландаштыруунун сапатынын начардыгын жана сатылып алынган жабдуулар менен билим берүүнү санариптештирүү долбоорунун милдеттеринин ортосунда тутумдуу байланыштын жоктугун көрсөтүп турат. Техникалык чечимдер мамлекеттик сатып алуулардын узак мөөнөттүү технологиялык туруктуулугуна карама-каршы келген келечектеги аткаруу талаптарын, Windows 11 менен шайкештикти жана коопсуздукту эске албастан кабыл алынган.

Маалыматтык коопсуздуктун бирдиктүү саясатынын жана IT ички инфраструктураны борборлоштуруп башкаруунун жоктугу кошумча тобокелдик болуп саналат. Мектептерде операциялык системалар жана антивирустук коргоо үзгүлтүксүз жаңыртылбайт, бул тармактын алсыздыгын жогорулатат жана маалыматтарды сактоонун ишенимдүүлүгүн төмөндөтөт.

Аудиттин эсептөөлөрү боюнча, өндүрүмдүүлүктүн жана коопсуздуктун минималдуу керектүү деңгээлине жетүү үчүн жабдууларды кошумча модернизациялоо талап кылынат, ал үчүн 1,7 миллиондон 3,8 миллион АКШ долларына чейин чыгымдар керектелет (сценарийге жараша минималдуу же оптималдуу).

Ошентип, пландаштыруу, техникалык долбоорлоо жана сатып алууларды башкаруу этаптарында кетирилген системалык каталар долбоордун негизги максаттарына — санариптик сабаттуулукту жогорулатууга жана мектептерди заманбап билим берүү чөйрөсүнө интеграциялоого жетпей калуу коркунучуна алып келди. Комплекстүү модернизациялоону жүргүзбөстөн жана техникалык коштоонун борборлоштурулган саясатын иштеп чыкмайынча долбоор учурдагы түрдө туруктуу билим берүү натыйжасын камсыз кыла албайт, ал эми аныкталган кемчиликтерди жоюу өлкөнүн бюджетинин эсебинен кошумча каражаттарды талап кылат.

## 4.6. STEAM багыты боюнча компьютердик жабдууларды максатсыз бөлүштүрүү

Долбоордун шарттарына ылайык, орто мектептер үчүн техникалык жабдууларды сатып алуунун максаты электрондук китепкананы түзүү жана окуу процессине санариптик билим берүү платформасын киргизүү болгон. Алсак, компоненттин максаттарына ылайык, Министрликтин буйругу менен долбоорго катышуу үчүн максаттуу 1200 мектеп тандалып алынган, анын жыйынтыгы боюнча мектептерге тиешелүү компьютердик жана башка жабдуулар коюлган. Аудиттин жүрүшүндө тиешелүү талдоосуз жүргүзүлгөн, Долбоордун максаттарына дал келбеген фактылар жана иш-чаралар аныкталгандыгы белгиленет. Алынган маалыматтарга ылайык тандалып алынган максаттуу мектептердин тизмесине орто мектептерден окуу программалары, окуу пландары жана окутуу усулдары менен гана эмес, мамлекеттик билим берүү стандартынын ар кандай талаптары менен да кыйла айырмаланган адистештирилген көмөкчү мектептер киргизилген. 3 адистештирилген мектепке жабдууларды жеткирүүгө багытталган долбоордун каражаттарынын жалпы суммасы 37,0 миң АКШ долларын түздү.

Алсак, аудит тарабынан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн №30 көмөкчү мектепке жеринде барып текшерүүнүн жүрүшүндө берилген компьютерлер жана жабдуулар пайдаланылбагандыгы аныкталган, анткени бул мектепте окугандардын контингенти аларда иштөөгө физикалык жактан мүмкүнчүлүгү жок болгон.

Мындан тышкары, иштелип чыккан санариптик окуу материалдары жана (ЦОП) санариптик билим берүү пплатформасы адистештирилген мектептердеги окуучулардын контингентинин өзгөчөлүгүн эске албайт. Ушуга байланыштуу, аудит долбоордун ишине адистештирилген мектептер тартылган учурда, программаны окуучулардын муктаждыктарына ылайыкташтыруу, окутуунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен билим берүү платформасын жана контентин модификациялоону караштыруу, адистештирилген жабдууларды сатып алуу ж.б. алардын муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө алдын ала талдоо жүргүзүү зарыл экендигин белгилейт. Мындай чаралардын көрүлбөгөндүгү, адистештирилген мектептерди долбоорго расмий түрдө киргизип, контентти жана технологияны ылайыкташтырбастан формалдуу түрдө кошулушуна алып келди, бул инклюзиянын көрүнүшүн жаратканы менен практикалык жактан пайда алып келген жок. Белгиленген инклюзиянын ордуна, долбоор адистештирилген мектептердеги балдарды санариптик билим берүү чөйрөсүнөн чыгарып, билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн теңсиздигин күчөттү.

Ошентип, ДИАБдын жооптуу адамдарынын көрсөтүлгөн аракеттери 37,0 миң АКШ доллары суммасында сатылып алынган жабдууларды сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланууга алып келген.

### 4.7. ДИАБны материалдык-техникалык камсыздоого багытталган Долбоордун каражаттарын максатсыз пайдалануу

ДИАБнын директору А. Р. Айнакенова менен "КБМ" ЖЧКнын ортосунда 2024-жылдын 21-декабрындагы №_KG-MES KR-G-RFQ-2023-2/ түзүлгөн келишимге ылайык 17 даана ноутбук, 1 бирдик МФУ, 2 даана сканер жана алардын комплекттөөчүлөрү жалпы суммасы 2961,5 миң сомго сатылып алынган. HP 15-FE0053DX ENVY CI7 1355U 16GB 1000SSD 21N1 SILVER WINDOWS үлгүсүндөгү бир бирдик ноутбуктун наркы 110,8 миң сомду түзөт, ал эми, Acer Predator Helios Neo Core i9 16 Gaming үлгүсүндөгү ноутбук 216,8 миң сом. Аудит тарабынан белгиленгендей, иш процессинде ДИАБдын кызматкерлери IT ге байланышкан милдеттерди аткарышпайт, мында HP жана Acer ноутбуктарынын жогоруда көрсөтүлгөн техникалык мүнөздөмөлөрү маалыматтардын чоң көлөмүн оңой иштетүүгө жана

программалык камсыздоого жогорку талаптагы конструкцияларды түзүү, чечимдердин жазмаларын иштеп чыгуу же оюндарды түзүү боюнча жаңы программаларда иштөөгө мүмкүндүк берет.

Жеткирилген ноутбуктардын баштапкы мүнөздөмөлөрүнүн бири-аларды 1тб катуу дисктер менен толуктоо, чындыгында бардык жумушчу станцияларда диск мейкиндигин пайдалануу жалпы сактагычтын 10-15%нан ашпайт. Бул жагдайлар иш жүзүндө компьютердик жабдуулар ДИАБнын кызматкерлери аткаруучу милдеттердин деңгээлин тийиштүү функциялык талдоосуз сатылып алынгандыгын күбөлөндүрөт, анткени көпчүлүк учурда бөлүмдүн кызматкерлери тексттик жана таблицалык документтер менен иштешет. Мындан тышкары, 2022-жылдын 10-ноябрында ДИАБ жана "Хандикрафт" ЖЧК ортосунда түзүлгөн №KG-MES KR-G-RFQ-2020-6/ келишимине ылайык, ДИАБ үчүн жалпы суммасы 638,4 миң сом болгон видеоконференциялар үчүн система 1.3-компонентчесинин каражаттарынын эсебинен алынып келинген.

Бирок, аудит белгилегендей, долбоордун максаттарына ылайык, 1.3-компонентчесинин максаты мектептер жана педогогикалык колледждер үчүн компьютердик жабдууларды сатып алуу жолу менен билим берүү системасын санариптештирүү болуп саналат, мында ДИАБ үчүн инфраструктураны уюштуруу боюнча чыгымдар долбоордун 2.1-компонентчесинде каралган. Бул учурда ДИАБ үчүн жалпы суммасы 3599,9 миң сомдук видеоконференциялар үчүн тутумду жана ноутбуктарды сатып алуу 1.3-компонентчесинин максаттарына туура келбейт жана каражаттарды максатсыз чыгымдоо болуп саналат.

**4.8. Мугалимдерди окутуу маселелери боюнча**

Долбоордун операциялык колдонмосуна ылайык, "Мугалимдердин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу" 1.2- компонентчесин аткаруунун алкагында тиешелүү багыттар боюнча мугалимдер үчүн окутуу иш-чаралары каралган. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу максатында мамлекет тарабынан билим берүү системасында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдында Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту (мындан ары - РПККЖКДИ) түзүлгөн. Бекитилген штаттык ырааттамага ылайык РПККЖКДИде 96 кызматкер, алардын ичинен 48 мугалим ар кандай тиешелүү предметтик багыттар боюнча катталган.

РПККЖКДИнин түзүмүндө окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча тиешелүү кафедралар бар, анын ичинде: тил

мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча инновациялык технологиялар борбору, Филологиялык билим берүү кафедрасы, педагогика, психология жана социалдык-гуманитардык билим берүү кафедрасы, билим берүүнүн менеджменти кафедрасы, мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү кафедрасы, табигый-илимий жана математикалык билим берүү кафедрасы жана информатика, технология жана искусство кафедрасы, же РПККЖКДИдин түзүмүндө окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча бардык зарыл багыттар бар.

РПККЖКДИдин Уставына ылайык Институттун негизги максаттары жана милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу;
- педагогикалык кызматкерлерди кайра даярдоо;
- педагогикалык кызматкерлерди аттестациялоого катышуу;
- квалификацияны жогорулатуу жана кайра даярдоо программаларынын мазмунун жаңыртуу;
- педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо системасынын башкы уюмунун функцияларын аткаруу, ошондой эле квалификацияны жогорулатуу институттарынын аймактык бөлүмдөрүнүн (облустук билим берүү институттары жана усулдук борборлор) ишин координациялоо.

Аудиттин жүрүшүндө РПККЖКДИнин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча отчеттук маалыматтарга талдоо жүргүзүлгөн, план-графикке ылайык 2021-2022-окуу жылы үчүн иш жүзүндө 12114 адам, 2022-2023-окуу жылы үчүн 13700 адам, 2023-2024-окуу жылы үчүн 12723 адам окутулган, тиешелүү түрдө жеринде окутуу курстарынын саны 106, 109 жана 53 адам, жалпы камтуусу 5360 адам. Каралган окуу планын-графигин аткаруу процессинде региондордо жер-жерлерде иш жүзүндө жеринде окутуу 2021-2022-окуу жылында 5910 адамды, 2022-2023-окуу жылында 6957 адамды, 2023-2024-окуу жылында 4874 адамды түзүп, жалпы саны 17741 адамды түздү. Башкача айтканда, белгиленген жер-жерлерде окутуу жана иш жүзүндө жер-жерлерде окутуу 12381 адамды түзөт же 130%, б.а. 500дөн ашык топ/курстар. Бул жагдайлар топтордун/курстардын комплекттелбегендиги жана РПККЖКДИ жана райондук билим берүү бөлүмдөрү тарабынан окутуу пландарынын сапатсыз уюштурулушу менен байланышкан. Окутуунун план-графиктеринин мындай талаптагыдай эмес аткарылышы жана квалификацияны жогорулатуу институттарынын өз учурунда өз ара аракеттенүүсүнүн төмөндүгү жалпысынан квалификацияны өз убагында жогорулатуу системасына терс таасирин тийгизет жана кызматкерлердин

жеринде окууга иш сапар чыгымдарын компенсациялоо түрүндө РПККЖКДИнин бюджетине кошумча жүк түзөт.

Мындан тышкары, региондордо педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча облустук институттар жана методикалык билим берүү борборлору тарабынан иш алып баруу улантылууда, алар ушул сыяктуу окуу мезгилинде 20453 мугалимди окутушкан (2021-2022 – окуу жылында – 6905; 2022-2023 – окуу жылында - 6920, 2023-2024-окуу жылында - 6628). Каралган мезгилдерде РПККЖКДИнин жана облустук билим берүү институттарынын линиясы боюнча окутулгандардын жалпы саны 54000ден ашык мугалим түзгөн.

РПККЖКДИнин маалыматынын негизинде, КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 5-апрелиндеги № 172-р тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасы менен Европа Союзунун ортосундагы "Кыргыз Республикасынын Билим берүү секторунда реформа жүргүзүүгө NDICI ASIA/2021/043-236 Контракт" программасы боюнча Финансылык макулдашуунун долбоору жактырылган. Бул Финансылык макулдашуу долбоорунда билим берүү секторун бюджеттик колдоо каралган.

Финансылык макулдашууну ишке ашыруу максатында, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 16-июнундагы №1180/1 буйругуна ылайык, РПККЖКДИне Европа Союзунун бюджеттик программалык жардам матрицасынын индикаторлорун аткаруу жүктөлгөн. Матрицанын индикаторлорунун бири "Окутуучулардын санариптик көндүмдөрүн жогорулатуу" 2.1-индикаторунун аткарылышы болду. Бул индикаторду аткаруунун максаттуу көрсөткүчүндө республиканын мамлекеттик мектептеринин мугалимдеринин 24% же 22000ден ашуун мугалимдерди санариптик сабаттуулук боюнча окутуу жана сертификациялоо каралган (КР УСК маалыматы). Жогорудагы буйруктун 4-пунктуна ылайык, КР Билим берүү жана илим министрлигинин бюджеттик саясат жана финансылык талдоо башкармалыгы бюджетти пландаштырууда жана аткарууда индикаторду аткаруу үчүн бюджетти каржылоону камсыз кылышы керек болчу. Бирок, "Мугалимдердин санариптик көндүмдөрүн жогорулатуу" 2.1-индикаторун аткаруу үчүн аталган башкармалык тарабынан көрсөтүлгөн бюджетти пландаштырууда жана аткарууда тиешелүү каржылоо камсыз кылынган эмес.

Белгилей кетсек, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 10-августундагы №1543/1 "2022-2023-окуу жылына педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу План-графигин бекитүү жөнүндө" буйругуна ылайык, РПККЖКДИне "Мугалимдердин санариптик сабаттуулугун жогорулатуу" 2.1-индикаторун аткаруу боюнча мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу планын бекиткен. Ошондой эле, өткөн мезгилге карата, Кыргыз Республикасынын Билим

берүү жана илим министрлигинин 5056/1-жылдын 2023-жылдын 13-сентябрындагы "2023-2024-окуу жылына педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу План-графигин бекитүү жөнүндө" буйругуна ылайык, РПККЖКДИне мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу Планын бекиткен, анда, институтка "Окутуучулардын санариптик сабаттуулугун жогорулатуу" 2.1-индикаторун аткаруу жүктөлгөн. 2.1-индикаторун ишке ашыруу максатында КР ББИМдин буйруктарына ылайык, андан ары каскаддык усул менен республиканын мугалимдерин окутуу тренингдерин өткөрүү үчүн мугалимдердин ичинен тандалып алынган 145 тренерди окутуу жана сертификациялоо каралган (21590дон кем эмес мугалимдерди жана окутуучуларды камтуу менен).

РПККЖКДИ тарабынан берилген маалыматтарга ылайык Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу план-графигин аткаруунун жыйынтыгы боюнча Европа Союзунун ортосундагы келишимде каралган "Окутуучулардын санариптик сабаттуулугун жогорулатуу" 2.1.-индикатору 2022-2023-жж. жана 2023-2024-окуу жылдарында толук көлөмдө аткарылгандыгын маалымдаган.

Аудит белгилегендей, КР ББИМдин Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, Дүйнөлүк банктын "Келечек үчүн билим берүү" жана "Окутуунун негиздерин бекемдөө" багыттары боюнча долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында педагогикалык кызматкерлердин санариптик сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар каралган, алар аудитке берилген маалыматтарга ылайык фасилитациялык (консультациялык) кызматтарды көрсөтүү боюнча контракттардын алкагында ишке ашырылган. КР ББИМдин жана “Билим берүү чөйрөсүндө сапатынын кепилдиги боюнча агенттик” КФнын «EdNet» №KG-MES KR-CS-QCBS-2021-6A жана “AC Consulting” ЖЧКсы, консорциумда ЭАКФ (МОФ) “Р. Отунбаеванын демилгеси» жана «Билим берүү, маданият жана аялдар ишкердигин колдоо уюму «Ысык-Көл сабаты» №KG-MES KR-CS-QCBS-2021-7A коомдук фондунун ортосунда түзүлгөн келишимдерге ылайык, республиканын мугалимдеринин санариптик сабаттуулугу боюнча 35084 адамга окутуучу тренингдер өткөрүлгөн.

Ошентип, РПККЖКДИнин жылдык окуу пландарында каралган Европалык союздун “санариптик сабаттуулукту жогорулатуу боюнча” 2.1-индикатордун аткарылышы «Келечек үчүн билим берүү» жана «Окуунун негиздерин бекемдөө» долбоорлорун ишке ашыруу алкагында мамлекеттик инвестициялар программасы боюнча кредиттик жана гранттык каражаттардын эсебинен камсыздалган. Бул контекстте билим берүү тутумунда чечим кабыл алуу деңгээлинде өз ара шайкеш келген саясаттын жоктугу белгиленүүгө тийиш.

КР ББИМдин Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, «Келечек үчүн билим берүү» жана «Окуунун негиздерин бекемдөө» долбоорлорунун алкагында республика боюнча жалпы 64608 мугалим окутулган, анын ичинде:

- «санариптик сабаттуулук» окуу программасы боюнча – 36409;
- «Инновациялык педагогикалык технологиялар» программасы боюнча – 7409;
- «Инновациялык педагогикалык технологиялар жана STEAM билим берүүнүн негиздери» программасы боюнча – 8233;
- «Коррекциялык окуу» программасы боюнча – 7002;
- «Балалык» программасы боюнча – 827;
- КР ДЧБУ мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын өркүндөтүү программасы боюнча – 4728.

Окутуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу КР ББИМинин Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү тарабынан фасилитациялык кызматтарды көрсөтүү үчүн жеке компанияларды жалдоо аркылуу жүргүзүлгөн. Ошону менен бирге, жеке компаниялар тарабынан республика аймактарында тренингдерди өткөрүү үчүн болжол менен 250–300гө жакын тренер (РПККЖКДИнин кафедрасынын кызматкерлери, РББ (РОО) кызматкерлери, жалпы билим берүү мектептеринин мугалимдери, ЖОЖдордун окутуучулары, педколледждердин окутуучулары ж.б.) катары мамлекеттик билим берүү тутумунун мугалимдери жана окутуучулары жумушка тартылгандыгы белгиленет. Мындан тышкары, аудит жеке компаниялар онлайн-тренингдерди өткөрүүдө РПККЖКДИнин санариптик ресурстарын жана платформаларын акысыз негизде пайдаланганын да белгилейт.

Мугалимдерди окутуу боюнча жогоруда көрсөтүлгөн консультациялык кызматтарды жеке компаниялар тарабынан көрсөтүү үчүн түзүлгөн контракттардын жалпы **наркы 440,8 млн сомду түзүп, кассалык чыгымдар 320,9 млн сом** болду.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 «Педагогикалык жана билим берүү тармагынын айрым категориядагы кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары жөнүндө» токтомуна ылайык, билим берүү уюмдарында, мекемелеринде квалификацияны жогорулатуу боюнча окуу жайларынын угуучулары үчүн окуу сабактарын өткөрүүгө тартылган кызматкерлердин сааттык эмгек акысынын ставкалары окумуштуулук даражасынын болушуна жараша төмөнкүдөй өлчөмдө белгиленген:

- профессор, илимдер доктору – 247 сом;
- доцент, илимдин кандидаты – 200 сом;
- окумуштуулук даражасы жок кызматкерлер – 117 сом.

Ошентсе да, 2.1 «Мугалимдердин санариптик сабаттуулугун жогорулатуу» индикаторун жана «Келечек үчүн билим берүү» жана

«Окуунун негиздерин бекемдөө» долбоорлорун ишке ашырууда жогорудагы абзацта көрсөтүлгөн чаралар КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан эске алынган эмес. Ыйгарым укуктуу тараптар (ББИМ, ДИАБ, РПККЖКДИ) болгон мамлекеттик ресурстарды жана санариптик платформаны колдонуу менен окутуу иш-чараларын ишке ашыруу үчүн мамлекеттик билим берүү тутумун мобилизациялоого багытталган логикалуу чараларды кабыл алган эмес. Мындан тышкары, Долбоорлордо мугалимдерди окутуунун окуу процессинин санариптештирилишине тийгизген таасирин баалоо боюнча мониторингдик маалыматтар жок.

Жогорудагылардын негизинде, аудит тарабынан **жүргүзүлгөн эсептөөлөргө ылайык**, коомдук фонддорду жана жеке компанияларды тартпастан, мамлекеттик билим берүү ресурстарын РПККЖКДИнин базасында (адамдык, каржылык, техникалык, санариптик) колдонуп, «Келечек үчүн Билим берүү» жана «Окутуунун негиздерин бекемдөө» долбоорлорунун алкагында окутуу иш-чараларын ашырса, кеткен чыгымдар эсептик түрдө 39,4 млн. сомду түзмөк (командировкалык чыгымдарды эске албастан, үч жылдык эсептөөлөр боюнча). Ал эми, факты жүзүндө **320,9 млн сом жумшалгандыктан**, натыйжасыз пайдаланылган каражаттардын суммасы **эсептик түрдө 281,5 млн сомду түздү**.

Ошону менен бирге, аудит тарабынан 2022-жылдын 28-февралындагы Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү менен РПККЖКДИнин ортосундагы кызматташуу жана өз ара аракеттенүү жөнүндөгү Кат-Макулдашуу да каралды. Ага ылайык, РПККЖКДИнин тренерлерди окутуу үчүн «Санариптик сабаттуулук» программасын иштеп чыгып, бекиткен. Макулдашуунун алкагында РПККЖКДИ тарабынан жасалган бул аракеттер толук логикалуу, анткени иштелип чыккан программа боюнча даярдалган тренерлер кийин аймактарда ушул эле окутулган тренерлер (мамлекеттик мектептердин мугалимдери жана окутуучулары) тарабынан каскаддык окутууну улантышат. Бирок, аудитке РПККЖКДИнин кызмат адамдары тарабынан, Макулдашууга РПККЖКДИнин мугалимдерди окутуу боюнча фасилитациялык кызматтарды көрсөтө турган компанияларды тандоо жана алар менен кызматташуу боюнча конкурстук комиссиялардын ишине катышуу милдетин киргизүүгө эмне негиз болгондугу тууралуу негизделген түшүндүрмөлөр берилген эмес.

Аудит ошондой эле коомдук фонддор жана жеке компаниялар тарабынан окутууда пайдаланылган бардык окуу материалдары Долбоордун каражаттарынын эсебинен иштелип чыгып, аларга акысыз негизде берилгендигин белгилейт. Мындан тышкары, долбоорлордун Операциялык жетекчиликтеринде мугалимдерди РПККЖКДИнин базасында окутуу каралганына карабастан, иш-чараларды ишке ашыруу

процесстеринде РПККЖКДИ **иш жүзүндө окуу программаларын иштеп чыгуу жана коомдук фонддорго жана жеке компанияларга өзүнүн санариптик платформасын** берүү менен гана чектелген.

Ошентип, ыйгарым укуктуу орган катары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү тиешелүү багыттар боюнча 50 000ден ашуун мугалимди окутууга мүмкүндүк берген жетиштүү инфраструктуралык потенциалга ээ болуу менен, көрсөтүлгөн иш-чараларды өз убагында, ишке ашыруу боюнча логикалык чараларды кабыл алган эмес. Мамлекеттик көз караш ыкманын жоктугунан, курч социалдык-экономикалык маселелерди чечүү үчүн мамлекет алган насыялык жана гранттык каражаттар коомдук жана жеке уюмдардын пайдасына багытталган.

Аудиттин пикири боюнча, мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарынын курч жетишсиздигин эске алуу менен, насыялык жана гранттык каражаттарды билим алууга жеткиликтүүлүктү камсыздоого багытталган стратегиялык жана артыкчылыктуу милдеттерге колдонууга мүмкүнчүлүк болгон. Алардын катарында: жалпы билим берүү уюмдарынын имараттарын куруу, билим берүү тутумунун инфраструктурасын жакшыртуу жана башка багыттар.

### 4.9. Санариптик билим берүү порталы үчүн окуу материалдарын иштеп чыгуу, адаптациялоо жана которуу маселеси боюнча

«Келечек үчүн билим берүү» долбоорун ишке ашыруу алкагында, КР ББИМ менен «Тэкайым» Коомдук фонду ортосунда 2024-жылдын 18-октябрында №KG-MES KR-CS-CQS-2022-15/ контракты түзүлгөн. Контракт санариптик билим берүү платформасы үчүн математика жана физика предметтери боюнча санариптик материалдарды которуу жана адаптациялоо иштерин камтыйт. Контракттын жалпы суммасы 20 736,5 миң сомду түзгөн. Контрактты аткаруу мөөнөтү — 6 ай, 2024-жылдын 20-апрелине чейин.

Мындан тышкары, химия, биология жана география предметтери боюнча санариптик материалдарды которуу жана адаптациялоо үчүн КР ББИМ менен «Таалим форум» Коомдук фонду ортосунда 2024-жылдын 19-октябрында №KG-MES KR-CS-CQS-2022-16/ контракты түзүлгөн. Контракттын жалпы суммасы 15 058,8 миң сомду түзөт. Контрактты аткаруу мөөнөтү — 6 ай, 2024-жылдын 20-апрелине чейин. Контракттарды координациялоо жана башкарууну камсыздоо үчүн КР ББИМдин (буюртмачы) атынан ДИАБ IT-координатору Алимбаев Д.А. дайындалган.

Долбоордун Операциялык жетекчилигинин максаттарына ылайык, иштелип чыккан STEAM предметтери боюнча санариптик материалдар окутууда колдонуу үчүн санариптик билим берүү платформасына

жайгаштырылат. Ошондой эле, жогоруда белгиленген контракттардын шарттарына ылайык, аларда аталган Коомдук фонддор тарабынан контракттык милдеттенмелердин аткарылышын тастыктаган аралык жана акыркы отчетторду берүү каралган. Контракттын алкагында ар бир аралык жана акыркы отчеттоо этаптары төмөнкү иш-чараларды жүргүзүүнү камтыйт, алардын ичинде:

- Баштапкы отчет санариптик материалдарды которуу жана адаптациялоо боюнча пландалган иштердин деталдаштырылган сүрөттөлүшүн камтыйт (контракт суммасынын 20%ын төлөө менен);

-Аралык отчет адаптацияланган жана которулган материалдардын 40%ын камтыйт (контракт суммасынын 35%ын төлөө менен);

-Акыркы отчет — контракттын 6-айынын аягында 100% бүткөрүлгөн адаптацияланган жана которулган материалдарды, ошондой эле, Кыргыз билим берүү академиясынын материалдардын сапатынын улуттук баалоо критерийлерине ылайык келүүсүнө байланыштуу эксперттик корутундусун камтыйт: фактографиялык каталардын жоктугу, адепсиз же этикага туура келбеген мазмундардын болбошу ж.б. (контракт суммасынын 45%ын төлөө менен).

Аралык отчетторун кароодо, жогоруда аталган Коомдук фонддордун иштерди өз учурунда аткарбагандыгына, ошондой эле иштелип чыккан окуу материалдарынын мамлекеттик билим берүү стандартына туура келбегенине байланыштуу, көрсөтүлгөн контракттар бир нече жолу, акырында 2024-жылдын 19-декабрына чейин узартылганы, башкача айтканда баштапкы мөөнөттөн 8 айга ашып кеткендиги (жалпы 1 жыл 2 ай) аныкталды. Аудит ошондой эле белгилейт: Кыргыз билим берүү академиясы (мындан ары – КР ББА) тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, Коомдук фонддордун экспертиза үчүн берилүүгө тийиш болгон баштапкы материалдары КР ББАга 2024-жылдын 5-июнунда гана тапшырылган. Бул учурда контракттын баштапкы аяктоо мөөнөтү 2024-жылдын 20-апрели болгон. Окуу материалдарын кароо процессинде алардын билим берүү стандарттарына туура келбегендигинен улам КР ББА тарабынан материалдар бир нече жолу кайра иштеп чыгууга жөнөтүлгөн. КР ББАнын 2024-жылдын 15-августундагы Окумуштуулар кеңешинин чечиминин протоколуна ылайык, жогорудагы себептерден (шайкеш келбөө, көптөгөн каталар, эксперттер үчүн материалдарга жеткиликтүүлүктүн жоктугу) улам экспертизаны жүргүзүүнү толугу менен токтотуу жана материалдарды иштеп чыгуучуларга – Коомдук фонддорго кайтаруу жөнүндө чечим кабыл алынган.

Ушунун негизинде белгилесек, көрсөтүлгөн Коомдук фонддор тарабынан контракттык милдеттенмелер сапатсыз жана өз убагында аткарылган эмес. Муну менен катар, аталган кызмат көрсөтүүчүлөр санариптик окуу материалдарын иштеп чыгуу, адаптациялоо жана которуу боюнча жогорку квалификацияга ээ адистер катары жеңүүчү болуп тандалган. Аудит ошондой эле, контракттын шарттарында ар бир отчеттук

этап боюнча эксперттик корутундунун болушу талап кылынбаганын белгилейт. Анткени баштапкы жана аралык отчетторду кабыл алуу жана бекитүү иштерин тиешелүү предметтик адистер эмес, ДИАБ кызматкерлери (ДИАБ директору жана IT-координатор) жүргүзгөн. Мунун натыйжасында материалдардын сапатын өз убагында көзөмөлдөө чаралары камсыздалган эмес. Бул кемчиликтердин айынан ДИАБнын жоопту кызмат адамдары тарабынан мазмунунда олуттуу кемчиликтери бар аралык отчеттор факты жүзүндө кабыл алынып, бекитилген.

«Тэкайым» КФнын баштапкы отчёту 2023-жылдын 8-декабрында IT-координатор тарабынан кабыл алынып, ДИАБ директору тарабынан бекитилген, аралык отчёт 2024-жылдын 29-апрелинде, ал эми акыркы финалдык отчёт 2024-жылдын 18-декабрында бекитилген. «Таалим форум» КФнын баштапкы отчёту 2023-жылдын 12-декабрында ДИАБдын директору тарабынан бекитилген, аралык отчёт 2024-жылдын 18-апрелинде, акыркы финалдык отчёт 2024-жылдын 18-декабрында бекитилген.

Белгилеп кетсек, КР ББА тарабынан «Тэкайым» жана «Таалим форум» КФ финалдык отчётторуна берилген корутунду «Кошумча билим берүү ресурсу» статусунда кабыл алынып, сыноо режими учурунда кайра иштеп чыгуу шарты менен берилген. Бул жагдайлар Долбоордун максаттарына өз учурунда жетүүгө, анын ичинде санариптик билим берүү платформасын өз мөөнөтүндө ишке киргизүүгө терс таасирин тийгизген. Учурда платформа тесттик режимде иштеп жатат. Ошентип, контракттык милдеттенмелер факты жүзүндө сапатсыз жана өз учурунда аткарылган эмес, ал эми, контракттарды узартуу КР ББИМ жана ДИАБ тарабынан негизделген себептерсиз жүргүзүлгөн. Бул болсо Долбоорду натыйжасыз башкарууну көрсөтөт.

Ошондой эле бул контекстте белгилей кетчү жагдай, мугалимдерди санариптик сабаттуулук боюнча окутуу санариптик билим берүү платформасын колдонуу аркылуу окутуу процессине санариптештирүүнү киргизүүгө багытталган. Бирок, мугалимдерди санариптик сабаттуулук боюнча окутулган 2023–2024-жылдар аралыгында санариптик билим берүү платформасы иштеген эмес. Ошого ылайык, санариптик билим берүү платформасын колдонуу аркылуу окутуу процессине санариптештирүүнү киргизүүгө багытталган Долбоордун баштапкы максатына жеткен эмес. Ошону менен бирге белгилей кетсек: мектепке чейинки, мектептеги жана мектептен тышкаркы билим берүүнү илимий-методикалык жана илимий-технологиялык жактан камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 9-июнундагы №339 токтому менен КР ББИМ карамагында Кыргыз билим берүү академиясы түзүлгөн.

КР ББИМдин 2020-жылдын 29-октябрындагы №898/1 буйругу менен

бекитилген КР БААнын Уставына ылайык, ККББАнын негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- билим берүү тармагындагы нормативдик-укуктук документтерди, Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки, жалпы орто жана мектептен тышкаркы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарттарын, предметтик билим берүү стандарттарын, окуу программаларын жана базистик окуу пландарынын долбоорлорун иштеп чыгуу;

-окуу-методикалык жана инновациялык-технологиялык материалдарды (анын ичинде электрондук жана мультимедиялык) иштеп чыгуу, педагогдордун кесиптик деңгээлин колдоо, билим берүү процессине инновациялык технологияларды киргизүү боюнча илимий жана педагогикалык кадрлардын потенциалын жогорулатуу;

-окуу-методикалык материалдардын апробациясын уюштуруу жана жүргүзүү (жалпы билим берүүчү, автордук, модификацияланган, альтернативдик программалар, окуу материалдары, методикалык жана кошумча боюнча колдонмолор ж.б.).

Демек, окуу-методикалык материалдарды, анын ичинде электрондук жана мультимедиялык материалдарды иштеп чыгуу жана киргизүү КББАнын милдеттеринин жана функцияларынын бири болуп саналат. Жогоруда баяндалгандардын негизинде, мамлекет үчүн социалдык-экономикалык натыйжага жетишүү, ошондой эле Долбоордун каражаттарын билим берүү тутумунун стратегиялык жана инфраструктуралык маселелерин чечүүгө жана материалдардын сапатын камсыздоого натыйжалуу пайдалануу максатында, бардык окуу материалдарын коомдук фонддорду тартпастан, КББАнын (КАО) ресурстары менен, ага жүктөлгөн милдеттердин алкагында иштеп чыгуу зарыл эле. Анткени КББА — билим берүү тутумундагы негизги оргындардын бири катары так аныкталган милдеттерге ээ жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык окуу материалдарын иштеп чыгуу жана киргизүү үчүн билим берүүнүн тийиштүү багыттарында зарыл болгон эксперттик ресурстарга ээ. Жогорудагылардын негизинде, аудит тарабынан **жүргүзүлгөн эсептөөлөргө ылайык**, коомдук тартпастан, мамлекеттик билим берүү ресурстарын КББАнын уставдык милдеттеринин алкагында окуу-материалдарын иштеп чыгуу шарты менен 35795,3 миң сом үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк болмок.

### 4.10. Окуу материалдарын иштеп чыгуу боюнча консультациялык кызматтарды бөлүштүрүү маселеси боюнча

1.3-компонентче иш-чараларынын аткарылыш графигине ылайык, «Келечек үчүн билим берүү» долбоорунун Операциялык жетекчилигинде санариптик билим берүү платформасын киргизүү маселеси боюнча

«Санариптик контентти аныктоо жана жана IT платформаны иштеп чыгуучу компанияны жалдоо» иш-чарасы каралган.

Санариптик билим берүү платформасы үчүн кошумча окуу материалдарын (мындан ары — СББП үчүн контент) иштеп чыгуунун натыйжалуулугун жана сапатын камсыздоо максатында, КР ББИМдин 2020-жылдын 18-сентябрындагы №771/1 буйругу менен темалардын тизмесин жана окуу материалдарынын санын аныктоо боюнча жумушчу топ түзүлгөн. Жумушчу топтун курамына КР ББИМдин, КР КББАнын, (НЦОКОиИТ) ББСМТБУБнын жана жалпы билим берүү мектептеринин кызматкерлери кирген. Жумушчу топко 2020-жылдын 25-сентябрына чейин темалардын тизмеси жана окуу материалдарынын саны көрсөтүлгөн материалдардын акыркы версиясын сунуштоо тапшырылган. Ошол эле учурда, жумушчу топтун ишинин жыйынтыктары жана алынган натыйжалары белгисиз жана аудитке берилген жок. Бирок, ДИАБдын директору А. Айнакенова тарабынан 2021-жылдын 30-апрелиндеги №01/05 буйрук менен жогоруда көрсөтүлгөн жумушчу топко кошумча түрдө эксперттик топ киргизилген, анын курамына “Билим берүү демилгелерин колдоо боюнча” Коомдук фонддун өкүлдөрү да камтылган. Аудит бул учурда ДИАБ директорунун КР ББИМдин буйругуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө ыйгарым укугу жок экенине өзгөчө көңүл бурат. Мындан тышкары, жумушчу топтун курамы кеңейтилгенине карабастан, темалардын тизмесин жана окуу материалдарынын санын аныктоо боюнча иштер толук аяктады деген факт аныкталган эмес жана бул боюнча кандайдыр бир документалдык далилдер да жок. Бирок, окуу материалдарын иштеп чыгуу боюнча иштер башталган күндөн тартып 1 жыл 5 ай өткөндөн кийин, ДИАБ менен “Билим берүү демилгелерин колдоо боюнча” Коомдук фонддун ортосунда 2022-жылдын 1-мартында №KG-MES KR-CS-CQS-2021-3/ контракт түзүлгөн. Контракт санариптик материалдарды которуу жана адаптациялоо үчүн контентти аныктоого байланышкан консультациялык кызматтарды сатып алууга багытталган.

Белгилеп кетсек, Долбоор консультанттарды тартууну караган эмес, ошого карабастан контентти аныктоо боюнча иштер түзүлгөн жумушчу топтун ордуна Билим берүү демилгелерин колдоо боюнча Коомдук фондго консультант катары жүктөлгөн. Бул болсо Долбоордун 21,4 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттарын рационалдуу эмес пайдаланууга алып келген. Контракттын шарттарына ылайык, 3-фаза ишке ашырылган учурда консультант окуу материалдарын которуу жана адаптациялоо кызматтары боюнча болжолдуу бааларды сунуштоого тийиш болгон, алардын негизинде мындай кызматтардын болжолдуу наркы 19 627,9 миң сомдон 28 315,8 миң сомго чейин түзгөн.

ДИАБ тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, КР ББИМ орун басары У. Э. Мамбетакунов тарабынан 2022-жылдын 4-октябрында бекитилген санариптик билим берүү платформасын жана кошумча окуу

материалдарын иштеп чыгуу боюнча техникалык тапшырма, окуу материалдарын которуу жана адаптациялоо боюнча бардык иштерди жана кызматтарды, ошондой эле санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу жана андан ары ишке киргизүүнү камтыган.

Бирок, ДИАБдын IT-координатору Д. Алимбаевдин кат алышуусуна ылайык, 2022-жылдын 25-ноябрында өткөрүлгөн талкуунун негизинде бекитилген техникалык тапшырма кайра каралып чыгып, 3 бөлүккө бөлүнгөн:

- СББП үчүн окуу материалдарын которуу жана адаптациялоо;
- СББПны иштеп чыгуу;
- СББП (ЦОП) үчүн сервер жабдыктарын сатып алуу

Техникалык тапшырманы бөлүп кароо жана аны бөлүү критерийлери боюнча негиздемелер, же жазуу жүзүндөгү тастыктоолор аудитке көрсөтүлүп берилген жок. Бирок, иштердин жана кызматтардын көлөмдөрүн бөлүү натыйжасында факты жүзүндө 3 өзүнчө техникалык тапшырма бекитилген, алар төмөнкү бөлүктөргө бөлүнгөн:

- СББПнын окуу материалдарын которуу жана адаптациялоо;
- Окуу материалдарынын бир бөлүгүн иштеп чыгуу жана СББПны иштеп чыгуу;
- Сервердик жабдууларды сатып алуу.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, адаптация жана которуу боюнча иштердин жана кызматтардын бир бөлүгү СББПны иштеп чыгуучу консультантка жүктөлгөн. Аларга төмөнкүдөй иштер кирген: ар бир предмет боюнча билимди терендетүү максатында жетиштүү өлчөмдө кошумча жана маалымдама маалыматтарды камтыган өзүнчө санариптик булактардан алынган материалдарды компоновкалоо жана моделдөө; адаптацияланган/иштелип чыккан санариптик билим берүү контентин КР ББИМдин жумушчу тобуна жана КББА эксперттерине аралык баалоо, сунуштарды жана корутундуларды алуу үчүн сунуштоо ж.б.

Техникалык тапшырманы иштеп чыгууда жана бекитүүдө кеткен бул кемчиликтер кийин контракттын наркына таасирин тийгизген. КР ББИМ менен негизги ишмердүүлүгү IT чечимдерин иштеп чыгуучу «Улут Софт» ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн KG-MES KR-CS-QCBS-2022-1A контрактка ылайык, контрактта химия, биология, физика, география, математика предметтери боюнча предметтик мугалимдердин, редактордун жана STEAM предметтери боюнча методисттердин эмгек акыларын төлөөчү чыгымдар каралган, жалпы саны - 19 адам. Аталган адамдардын эмгек акыларына 218,5 миң АКШ доллары өлчөмүндө чыгымдар пландалган, бул контракт боюнча жалпы сый акылардын 16% түзөт.

Бул контекстте белгилей кетсек, долбоордун каражаттарын рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында окуу контентин иштеп чыгууга байланыштуу бардык милдеттер жана иштер окуу материалдарын иштеп чыгууга жооптуу болгон билим берүү тармагынын аракеттеги институттарына жүктөлүшү зарыл эле. Бирок, ДИАБ тарабынан иш-чаралардын факты жүзүндөгү аткарылышын эске алсак да, окуу контентин иштеп чыгууга байланыштуу бардык милдеттер жана иштер «Таалим форум» жана «Тэкайым» КФ менен түзүлгөн контракттарга камтылышы тийиш болчу. Анткени бул контракттарда окуу материалдары боюнча СББПны иштеп чыгуучу консультант — башкача айтканда «Улут Софт» ЖЧКсы менен өз ара аракеттенүүсү жардам берүүсү да каралган.

Ошентип, ДИАБнын жооптуу кызмат адамдарынын негизделбеген аракеттеринин кесепетинен, «Таалим форум» жана «Тэкайым» сыяктуу атайын адистештирилген Коомдук фонддор менен түзүлгөн контракттардын алкагында жасала турган санариптик контентти которуу жана адаптациялоо боюнча милдеттердин бир бөлүгү «Улут Софт» ЖЧКсынын аткаруучусуна жүктөлгөн. ДИАБдын жооптуу кызмат адамдарынын мындай иш-аракеттери контракттын баасынын жогорулашына алып келип, 218,5 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттын үнөмсүз жана натыйжасыз пайдаланылышына себеп болгон.

## 4.11. Санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу маселеси боюнча (СББП)

Буга чейин белгиленгендей, Долбоордун Операциялык жетекчилигине ылайык, окутуу процессинде мугалимдер тарабынан колдонуу үчүн санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү иш-чарасы каралган. Тендердин жыйынтыгында КР ББИМ менен «Улут Софт» ЖЧКсынын ортосунда жогоруда аталган консультациялык кызматтарды көрсөтүү боюнча 2024-жылдын 7-мартында № KG-MES KR-CS-QCBS-2022-1A контракт түзүлгөн. Контракттын жалпы суммасы 1536,2 миң АКШ долларын (2024-жылдын 7-мартына карата КР Улуттук банкынын курсу боюнча 137,4 млн сом) түзгөн.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 7-сентябрындагы №448 токтомуна ылайык, билим берүү тутумунун санариптик инфраструктурасын жакшыртуу максатында КР ББИМдин карамагында «Санариптик билим берүү борбору» мамлекеттик мекемеси (мындан ары — Борбор) түзүлгөн. Борбор КР ББИМдин маалыматтык системаларынын оператору болуп саналат.

Борбордун штаттык түзүмүндө маалыматтык технологиялар тармагында адистешкен 20 кызмат бирдиги каралган.

Борбордун Жобосуна ылайык, анын негизги максаттары жана милдеттери — өлкөнүн билим берүү системасынын санариптик инфраструктурасын санариптик чечимдерди иштеп чыгуу жана ишке киргизүү жолу менен жакшыртуу, Министрликтин жаңы маалыматтык системаларын түзүү, иштеп жаткан системаларды модернизациялоо жана бул маалыматтык системаларга техникалык колдоо көрсөтүү болуп саналат. Маанилүү белгилөөчү жагдай: «Келечек үчүн билим берүү» Долбоорун ишке ашыруу учурунда, Долбоордун каражаттарынын эсебинен Борбор үчүн техникалык мүнөздөмөлөрү жана мүмкүнчүлүктөрү маалыматтык системаларды иштеп чыгууга ылайыктуу сапаттуу компьютердик жабдуулар сатылып алынган. Бирок аудит Долбоордун алгачкы долбоорлоо стадиясында Борбордун Долбоорго катышуусу каралбагандыгын жана ага компьютердик жабдууларды сатып алуу боюнча иш-чаралар да пландаштырылбагандыгын белгилейт. Билим берүү системасын санариптештирүү жана билим берүү маалыматтык системаларынын санариптик оператору катары Борбордун потенциалын күчөтүү үчүн компьютердик жабдууларды сатып алуу иш-чарасын киргизүү зарылчылыгы КР ББИМ министри Д.Ш. Кендирбаева тарабынан 2024-жылдын 26-мартындагы №01-3/309 чыгыш каты менен демилгеленген. Компьютердик жабдууларды сатып алууга багытталган каражаттардын жалпы суммасы 1 339,6 миң сомду түзгөн. Ушуга байланыштуу, аудиттин алкагында Борбордун жетекчилиги менен бирге билим берүү багытындагы санариптик системаларды иштеп чыгуу боюнча мекеменин мүмкүнчүлүктөрү каралып, талданды. Борбор директорунун жазуу жүзүндө берилген позициясына ылайык, жабдуулар алынгандан жана штат кызматкерлер менен толукталгандан кийин, Борбор «Улут Софт» ЖЧКсы тарабынан иштелип жаткан билим берүү маалыматтык системаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү үчүн бардык техникалык жана адамдык ресурстарга ээ.

Аудит белгилейт: санариптик платформаны иштеп чыгуу боюнча консультациялык кызматтарды сатып алуу үчүн тендер факты жүзүндө 2023-жылдын февраль айында жарыяланган, ал кезде билим берүү платформаларынын мамлекеттик оператору дагы түзүлө элек болчу. Бирок 2023-жылдын 7-сентябрына карата Борбор расмий түрдө ишке киргизилген.

Демек, тендер өткөрүлгөн учурда жана контрактка кол коюлганга чейин Министрликтин юридикалык жактардын алдында милдеттенмелери жок болгон, бул долбоордун пландарын ыкчам түзөтүүгө мүмкүнчүлүк берген. Борборду түзүүнүн максаттарын жана анын профилдик багытын эске алуу менен, Министрлик үчүн тендердик процедураларды токтото

туруп, платформаны иштеп чыгуу ишин мамлекеттик мекемеге (Борборго) берүү туура болмок. Мындан да маанилүүсү, билим берүү системаларынын мамлекеттик операторун түзүү боюнча пландардын бар экенин эске алуу менен, Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясаттын стратегиялык багыттарын иштеп чыгуу функцияларына ээ болгон Министрлик, биринчи кезекте Борборду түзүү маселесин чечип, андан кийин аны Долбоорго катыштыруу боюнча чечим кабыл алууга тийиш болгон. Мындан тышкары, Министрликтин милдеттеринин бири — Министрликке караштуу билим берүү уюмдарынын инфраструктурасын өнүктүрүү жана алардын материалдык-техникалык камсыздоосу болгондуктан, ушул милдеттин алкагында иштеп чыгууну мамлекеттик мекемеге өткөрүп берүү чечими Борбордун материалдык-техникалык базасын бир кыйла жакшыртууга (зарыл болгон сапаттуу жана заманбап жабдууларды сатып алууга) мүмкүнчүлүк бермек жана Долбоордун каражаттарын мамлекеттик сектордо сактоого өбөлгө түзмөк.

Ошентип, КР ББИМ жана ДИАБ тарабынан «Келечек үчүн Билим берүү» Долбоорун ишке ашыруу процессинде билим берүү тутумунун инфраструктурасынын уюштуруучулук жана техникалык мүмкүнчүлүктөрүн өз учурунда мобилизациялоо боюнча чаралар көрүлгөн эмес. Ошондой эле билим берүүнү санариптештирүү процессин башкарууда иш-чараларды алсызыраак пландаштыруунун кесепетинен Долбоордун 1 536,2 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттары натыйжасыз пайдаланылган.

**4.12. Санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу боюнча контракттарды башкаруу маселеси (СББП)**

Долбоордун Операциялык жетекчилигине ылайык, Долбоор тарабынан мугалимдерди окутуу процессинде колдонуу үчүн санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү иш-чарасы каралган.

2022-жылдын 4-октябрында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги ДИАБ менен биргеликте санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуу, жаратылыш-таануу багытындагы предметтер боюнча (STEAM) кошумча санариптик окуу материалдарын даярдоо жана адаптацияланган контентти санариптик билим берүү платформасына жайгаштыруу боюнча консультациялык кызматтарга арналган техникалык тапшырманы иштеп чыгып, бекиткен. 2023-жылдын 10-февралында аталган техникалык тапшырманын негизинде СББПны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча консультациялык кызматтарды сатып алууга тендер жарыяланган. Тендердин жыйынтыгында КР ББИМ менен «Улут Софт» ЖЧКсынын ортосунда 2024-жылдын 7-мартында № KG-MES KR-CS-

QCBS-2022-1A контракты түзүлгөн. Контракт жогоруда көрсөтүлгөн консультациялык кызматтарды көрсөтүүгө багытталып, анын жалпы суммасы **1 536,2 миң АКШ долларын (2024-жылдын 7-мартына карата КР Улуттук банкынын курсу боюнча 137,4 млн сом) түзгөн.** Контрактка ылайык, «Улут Софт» ЖЧКсынын негизги милдеттери — санариптик окуу материалдарын иштеп чыгуу, адаптацияланган материалдарды жайгаштыруу жана санариптик билим берүү платформасын толук кандуу ишке киргизүү болуп саналат. Контракттын аткаруу мөөнөтү кол коюлган күндөн тартып 10 ай, башкача айтканда 2025-жылдын 7-январына чейин. Бирок, аудиттин жүрүшүндө аныкталгандай, контракт мөөнөтүндө аткарылган эмес жана 2025-жылдын 7-августуна чейин узартылган.

Берилген маалыматтарга ылайык, контрактты узартуунун негизги себептери — сервердик жабдууларды сатып алууну өз убагында пландаштырбоо жана «Тэкайым» жана «Таалим форум» коомдук фонддору тарабынан санариптик окуу материалдарын которуу жана адаптациялоо боюнча контракттардын сапатсыз аткарылышы болуп саналат. Бул кемчиликтер мугалимдерди санариптик сабаттуулук боюнча окутуу процессине да терс таасирин тийгизген, анткени окутуу мезгилинде санариптик билим берүү платформасы иштебей турган жана мугалимдер аны колдонууну үйрөнгөн эмес. КР ББИМ расмий сайтынын маалыматы боюнча, санариптик билим берүү платформасы 2025-жылдын 9-январында гана, ал да пилоттук режимде ишке киргизилген.

Ошентип, КР ББИМ менен «Улут Софт» ЖЧКсынын ортосунда 2024-жылдын 7-мартында түзүлгөн № KG-MES KR-CS-QCBS-2022-1A контрактындагы техникалык тапшырманын шарттарына ылайык, консультациялык кызматтардын жалпы көлөмү төмөнкүдөй отчетторду берүү менен 4 этапка бөлүнгөн:

- Баштапкы отчет (контракттын суммасынын 20 пайызын төлөө менен);
- Аралык отчет – 1 (контракттын суммасынын 30 пайызын төлөө менен);
- Аралык отчет – 2 (контракттын суммасынын 30 пайызын төлөө менен);
- Акыркы отчет (контракттын суммасынын 20 пайызын төлөө менен).

ДИАБдын маалыматына ылайык, «Улут Софт» ЖЧКсынын Аралык отчету–2 2024-жылдын 15-ноябрында тапшырылган жана ДИАБдын кызматкерлери тарабынан кабыл алынып, бекитилген. Андан кийин 460,8 миң АКШ доллары же 39 656,6 миң сом өлчөмүндө төлөм жүргүзүлгөн.

Белгилеп кетүү зарыл, контракттын шарттарына ылайык, Аралык отчет–2 коомдук фонддор «Тэкайым» жана «Таалим-Форум» тарабынан иштелип жаткан санариптик окуу материалдарынын жалпы көлөмүнүн

кеминде 90% адаптацияланып, жайгаштырылган материалдарды камтышы керек болчу.

Ошол эле учурда, коомдук фонддордун бекитилген отчетторуна ылайык, жайгаштырууга тийиш болгон санариптик окуу материалдарынын 90% ДИАБга кароого 2024-жылдын 17-декабрында гана тапшырылган. Мындан тышкары, контракттын шарттарына ылайык, «Улут Софт» ЖЧКсы тарабынан Аралык отчет–2нин тапшырылышы санариптик платформага, санариптик контентке жана Колдонуучунун жетекчилигинин долбооруна карата КР ББИМдин жумушчу тобунун жана КББА (КАО) эксперттеринин оң корутундусун алууну камтууга тийиш. Бирок, аудит өткөрүлгөн учурда сунушталган Аралык отчет–2де «Улут Софт» ЖЧКсынын өкүлдөрү менен КББА (КАО) кызматкерлеринин 2024-жылдын 15-октябры күнү өткөрүлгөн жолугушуусунун протоколу гана тиркелген. Ошентип, жолугушуунун жыйынтыгы боюнча протоколдо санариптик материалдарды толук көлөмдө платформага жайгаштырууну камсыздоо, видеоматериалдарга шилтемелерди берүү жана бардык кемчиликтерди жоюп, кайрадан КББАга кароого сунуштоо талап кылынган. Башкача айтканда, КББА (КАО) тарабынан оң корутунду факты жүзүндө алынган эмес. Ошол эле учурда, КББАнын оң корутундусу жок шартта отчет кабыл алынган, бул ДИАБдын жооптуу кызмат адамдары тарабынан контрактты администрлөөдө формалдуу мамиле жасалганын көрсөтөт. Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн фактыларды эске алуу менен, аудит ДИАБдын жооптуу кызматкерлери тарабынан «Улут Софт» ЖЧКсынын Аралык отчет–2 боюнча аткарылган иштердин толуктугун тастыктоосу жок жана ыйгарым укуктуу органдардын корутундулары жок шартта 460,8 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү каражат негизсиз төлөнгөнүн белгилейт.

**4.13.Мугалимдерди окутууга контракттардын чыгымдарын түзүү маселеси боюнча**

ДИАБ тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, мугалимдерди санариптик сабаттуулук боюнча окутуунун алкагында КР ББИМ менен консультанттар —«AC Consulting» ЖЧКсы, «Роза Отунбаева демилгелери» Эл аралык коомдук фонду жана «Ысык-Кол сабаты» Билим берүү, маданият жана аялдар ишкердигин колдоо уюму — консорциумунда 2023-жылдын 14-февралында №KG-MES KR-CS-QCBS-2021-7A контракт түзүлгөн.

Контракттын алкагында консультанттар тийиштүү түрдө 21 240 мугалимди түштүк аймак боюнча «Санариптик сабаттуулук» квалификацияны жогорулатуу программасынын негизинде окутууга милдеттүү болгон. Окутуу тренингдери РПККЖКДИ тарабынан бекитилген жана колдонулган программалар, окуу модулдары жана материалдардын негизинде жүргүзүлгөн.

РПККЖКДИ тарабынан бекитилген программага ылайык, «Санариптик сабаттуулук» темасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курсу 72 сааттык көлөмдө жүргүзүлөт.

Ошентип, контракттын— «Fin 3 формасы: Сый акы ставкаларынын түзүлүшү» D тиркемесине ылайык, тренерлердин эмгек акысын төлөөгө 44 898,0 миң сом өлчөмүндө чыгымдар каралган. Бул чыгымдар төмөнкү эсептөөнүн негизинде келип чыккан: 16 035 * 2 800 = 44 898 000, алардын ичинде:

- 21 240 мугалим 1 топто орто эсеп менен 19,8 адамдан болуу менен 1 069 топко бөлүнгөн (21 240 / 1 069 = 19,8 адам);
- Ар бир топту окутуу үчүн 15 күн каралган (1 069 * 15 = 16 035 күн);
- Тренерлердин эмгек акысы күнүнө 2 800 сомдук ставка менен эсептелген (2 800 * 16 035).

Аудиттин жүрүшүндө топтордун санын аныктоо жана окутуу күндөрүнүн көбөйтүлүшү боюнча эсептөөлөрдүн негиздемеси тууралуу маалыматтар суралган, бирок ынанымдуу себептер жана тийиштүү негиздемелер сунушталган эмес. Ушуга байланыштуу, контракттын чыгымдарына, чыгашалар тиешелүү негиздемелери жок киргизилген.

Ушуга байланыштуу, квалификацияны жогорулатуу боюнча бекитилген «Санариптик сабаттуулук» программасынын көлөмү 72 саат же 9 күн экенине карабастан, аудит тарабынан жүргүзүлгөн эсептөөлөр көрсөткөндөй, топторду туура мобилизациялоо жана ар бир топко 30 мугалимден жайгаштыруу учурунда тренерлердин эмгек акыларына кеткен чыгымдар факты жүзүндө төлөнгөн 37 164,4 миң сомдун ордуна 17 841,6 миң сомду түзмөк. Натыйжада, эсептик түрдө чыгымдар 19 322,8 миң сомго кыйла үнөмдүү болмок. Аудиттин эсептөөлөрү КР ББИМ менен «Билим берүү сапатын камсыздоо агенттиги «EdNet» Коомдук фонду ортосунда түндүк региону боюнча «Санариптик сабаттуулук» квалификацияны жогорулатуу программасынын аналогдук тренингин жүргүзүү боюнча түзүлгөн контракттар менен да тастыкталат. Бул контракттарда 14 760 мугалимди окутуу үчүн 820 топко бөлүү каралып, 8 күндүк окутуу мөөнөтү белгиленген.

Ошого карабастан, каражаттарды натыйжасыз пайдалануунун ушундай эле учурлары башка контракттарда да аныкталды.

Ошентип, КР ББИМ менен «Билим берүү тармагында сапатты кепилдөө агенттиги «EdNet» КФ ортосунда «Санариптик сабаттуулук» программасы боюнча тренингдерди өткөрүү үчүн фасилитациялык кызматтарды көрсөтүүгө түзүлгөн KG-MES KR-CS-QCBS-2021-6A контрактында да аналогиялык эсептөөлөр жүргүзүлгөн. Группаларды туура мобилизациялоо жана ар бир топту 30 мугалимден комплектилөө маселелери боюнча (бул контракттарда эсептөөлөр 1 топко 18 адамдан алынган), жүргүзүлгөн эсептөөлөрдүн натыйжасында Долбоордун каражаттарынын 1 770,0 миң сом өлчөмүндө үнөмсүз сарпталышы

аныкталган. Бул учурда факты жүзүндөгү чыгымдар 15 054,0 миң сомду түзгөн.

КР ББИМ менен «Айылдык муниципалитеттерди өнүктүрүү борбору» КФнын ортосунда 7 700 мугалим үчүн «Коррективдик окуу + Балалык» программасы боюнча тренингдерди өткөрүүгө фасилитациялык кызмат көрсөтүүгө түзүлгөн №KG-MES KR-CS-CQS-2021-7A жана №KG-MES KR-CS-CQS-2021-8A контракттар боюнча да аналогиялуу эсептөөлөр жүргүзүлгөн. Топторду 1 топко 30 мугалимден комплектөөнү караганда (контракттарда чыгымдар 1 топко 21–22 адамдан эсептелген), Долбоордун каражаттарын натыйжасыз пайдалануу суммасы 6 607,5 миң сомду чыгымдоо менен 847,5 миң сомду түзгөн.

КР ББИМ менен «Роза Отунбаева демилгеси» Эл аралык коомдук фондунун ортосунда түндүк аймактарында инновациялык педагогикалык технологиялар жана STEM-билим берүүнүн негиздери боюнча тренингдерди өткөрүү үчүн фасилитациялык кызматтарды көрсөтүү үчүн түзүлгөн KG-MES KR-CS-QCBS-2021-8A контракты боюнча, 1 топко 30 мугалимден комплектилөө боюнча аналогиялык эсептөөлөрдү жүргүзүп (контрактта 1 топ 19–20 адамдан эсептелген), натыйжада Долбоор каражаттарын үнөмсүз пайдалануу 1 833,7 миң сомду түзгөн (факты жүзүндөгү чыгымдар 6 077,2 миң сом).

Жогорудагылардын негизинде, **Долбоор каражаттарын эсептик түрдө үнөмсүз пайдалануу жалпы 23 774,0 миң сомду түздү.**

## 4.14. Мугалимдерди окутууга контракттардын чегинде тамактандырууну уюштуруу маселеси боюнча

Мындан тышкары, фасилитациялык кызматтарды көрсөтүү боюнча контракттарда кофе-брейктерге жана түшкү тамактарга кеткен чыгымдар каралган, алар компенсацияланууучу чыгымдардын суммасынын 40–50% түзөт. Берилген маалыматтарга ылайык:

-ЗАО *Central Asian Consulting Company «CAI Consulting»* менен түзүлгөн контракт боюнча компенсацияланууучу чыгымдардын жалпы суммасы 639 295,4 АКШ долларын түзүп, тренингге катышуучулар үчүн (күнүнө 2 кофе-брейк жана түшкү тамак) кофе-брейктерге жана түшкү тамактарга кеткен чыгымдар 334 530,0 АКШ долларын же жалпы чыгашалардын 52%ын түзгөн жана бул каражаттар толугу менен Долбоордун эсебинен төлөнгөн;

- «АС Consulting» ЖЧКсы менен түзүлгөн контрактка ылайык («Роза Отунбаева демилгелери» Эл аралык коомдук фонду жана «Ысык-Кол сабаты» Билим берүү, маданият жана аялдар ишкердигин колдоо уюму менен консорциумда), жалпы өндүрүлүүгө тийиш болгон чыгымдардын суммасы 76 533,7 миң сомду түзүп, анын 42 760,0 миң сому же жалпы сумманын 55% кофе-брейктерге жана түшкү тамактарга багытталган.

-«Роза Отунбаева демилгелери» Эл аралык коомдук фонду менен түзүлгөн контракт боюнча, жалпы чыгымдардын суммасы 31 711,4 миң сомду түзүп, кофе-брейктер жана түшкү тамактар үчүн факты жүзүндө төлөнгөн чыгымдардын суммасы 12 470,0 миң сом болуп, жалпы сумманын 39,3% түзгөн.

– «Айылдык муниципалитеттерди өнүктүрүү борбору» Коомдук фонду менен түзүлгөн контракт боюнча, жалпы компенсацияланууучу чыгымдар 20 260,3 миң сомду түзүп, кофе-брейк жана түшкү тамактарга факты боюнча төлөнгөн каражат 12 814,0 миң сомду же жалпы сумманын 63% түзгөн.

«Билим берүү чөйрөсүндө сапаттын кепилдиги боюнча агентствосу «EdNet» КФ менен түзүлгөн контракт боюнча, мугалимдер үчүн суткалык чыгымдар 29 720,0 миң сом өлчөмүндө каралып, толугу менен Долбоордун каражаттарынын эсебинен төлөнгөн. Ошентип, окутуу алкагында уюштурулган кофе-брейктер жана түшкү тамактар үчүн багытталган каражаттардын жалпы суммасы эсептик түрдө 126 868,1 миң сомду түзгөн. Билим берүү системасынын мамлекеттик инфраструктурасын жана окутууда каскаддык ыкманы колдонуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен, тамак-ашты уюштурууга жана кофе-брейктерге кеткен чыгымдар Долбоордун максаттары жана милдеттери менен шайкеш келбейт деп аудит эсептейт. Мындай шартта, Долбоордун 126 868,1 миң сом өлчөмүндөгү каражатын үнөмдөп, аны кыйла маанилүү жана олуттуу милдеттерди чечүүгө багыттоо зарыл болгон.

**4.15. Иш-чаралардын өз ара байланышын камсыздоо**

Долбоордун Операциялык жетекчилигинде белгиленген графикке ылайык, ар бир иш-чара белгиленген кезектүүлүк жана компоненттелердин ортосундагы өз ара байланыш аркылуу ишке ашырылышы керек болчу, анткени бул Долбоордун коюлган максаттарына жетүүнүн негизги шарты болуп саналат. Бирок, иш-чараларды ишке ашыруу процессинде баштапкы пландан четтөөлөргө жол берилген, бул долбоор менен коюлган милдеттердин аткарылышынын натыйжалуулугуна олуттуу таасирин тийгизген.

Билим берүүнү санариптештирүүгө багытталган 1.3-компонентче, ирети менен аткарылышы керек болгон бир нече негизги иш-чараларды камтыган. Алардын бири төмөнкүлөр:

1. Санариптик контентти аныктоо;
2. Контентти түзүүгө милдеттүү болгон подряддык уюм үчүн техникалык тапшырманы иштеп чыгуу;
3. IT платформаны иштеп чыгуу.

Платформа иштелип чыгып, платформанын техникалык талаптары алынгандан кийин, платформаны жайгаштыруу жана окутуу процессинде санариптик ресурстарды колдонуу үчүн тиешелүү компьютердик жабдууларды сатып алуу зарыл болгон.

Графикке ылайык, бул этап 2020-жылдын төртүнчү кварталында бүткөрүлүүгө тийиш болчу. Мындан тышкары, 1.2-компонентчеси «Мугалимдерди окутуу» алкагында мугалимдерди санариптик сабаттуулук боюнча окутуу каралган жана ал 1.3-компонентчесинин иш-чаралары менен бирдикте ишке ашырылышы керек эле.

Бирок, бул иш-чаралардын факты жүзүндөгү аткаруу мөөнөттөрү баштапкы пландан олуттуу түрдө четтеген:

**1. Жабдууларды сатып алуу:** Планга ылайык, платформа иштелип чыгып, техникалык талаптар алынгандан кийин зарыл болгон компьютердик жабдууларды сатып алып, платформаны жайгаштырып, окутуу процессинде санариптик ресурстарды колдонуу зарыл болчу. Бирок компьютерлер 2022-жылы гана сатып алынып, 2023-жылы билим берүү мекемелерине жеткирилген.

**2. Контентти иштеп чыгуу:** платформанын контентин иштеп чыгуу иштери 2023-жылдын октябрында башталып, 2024-жылдын декабрь айында гана аяктаган.

**3. Платформанын өзү боюнча иштер: п**латформаны түзүү боюнча иштер 2024-жылдын март айында башталып, 2025-жылдын апрель айына карата санариптик билим берүү платформасы толук кандуу ишке киргизиле элек (2025-жылдын 20-октябрына карата платформа тесттик режимде иштеп жатат.).

Көрсөтүлгөн иш-чаралардын жүрүшүндө көрүнүп тургандай, долбоордун максаттарына натыйжалуу жетүүгө багытталган баштапкы алгоритм толук бузулган. Алдын ала аныкталган иш-аракеттердин ырааттуулугу жана өз ара байланышы сакталбастан, иш-чаралар бөлүктөнүп, үзгүлтүккө учураган түрдө аткарылган. Бул болсо долбоорду ишке ашыруунун жалпы натыйжалуулугун бир кыйла төмөндөтүп, ресурстардын негизсиз сарпталышына алып келген.

1.3-компоненттченин алкагында иш-чараларды ишке ашыруу учурунда негизги шарттын-өз ара байланышкан чечимдер принцибинин бузулгандыгы белгиленет. Иш-чаралар бири-биринен көз карандысыз аткарылып, бул алардын максаттуу байланышынын жоктугуна жана натыйжасыздыкка алып келген. Долбоордун бардык этаптарында өз ара макулдашылган ыкманын жоктугу ресурстардын сарамжалсыз пайдаланылышына жана долбоордун максаттарына белгиленген мөөнөттө жетпей калуусуна алып келди. Бул жагдай, Министрлик жана ДИАБ кызматкерлери тарабынан Долбоор натыйжасыз башкарылгандыгын көрсөтөт.

Аныкталган көйгөйлөр жана пландан четтөөлөрдү эске алуу менен, аудит долбоордун максаттарына жетүүнү камсыздоо үчүн төмөнкү алгоритм колдонулушу талап кылынган деп эсептейт:

1. Контентти аныктоо жана иштеп чыгуу;
2. Платформаны иштеп чыгуу;
3. Контентти платформага жайгаштыруу;

4. Компьютердик жабдууларды сатып алуу;
5. Платформаны ишке киргизүү;
6. Мугалимдерди санариптик сабаттуулук боюнча окутуу — платформаны колдонуу жана санариптик технологияларды окутуу процессине интеграциялоо аркылуу.

Санариптик билим берүү платформасын колдонууга багытталган компьютердик жабдуулар сатылып алынганына карабастан, билим берүү платформасы ушул күнгө чейин ишке киргизилбегендиктен, жабдуулар толук кандуу колдонулбай турат, ал эми санариптик сабаттуулук боюнча окутуудан өткөн мугалимдер платформаны колдонууга мүмкүнчүлүк алышкан эмес.

Натыйжада, билим берүү секторуна олуттуу көлөмдө каржылык, интеллектуалдык жана техникалык ресурстар салынганына карабастан, билим берүү системасын санариптештирүү боюнча долбоордун максаты факты жүзүндө компьютердик техниканы сатып алуу бөлүгүндө гана аткарылган. Ал эми сатылып алынган компьютерлер учурда модернизациялоону жана актуалдаштырууну талап кылат.

Ушуга байланыштуу, Долбоор алкагында белгиленген санариптештирүү максаты бүгүнкү күнгө чейин аткарылган эмес деген тыянак чыгарууга болот

### 4.16. Региондордо (жеринде) аудитордук текшерүү

КР Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 15-ноябрындагы №06-/728 жана 2024-жылдын 13-декабрындагы №06-1/784 буйруктарына ылайык, «Келечек үчүн билим берүү» жана «Окуунун негиздерин бекемдөө» долбоорлорун ишке ашыруу алкагында башталгыч жана мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүктү камсыздоо чараларынын натыйжалуулугу боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө Баткен, Ош, Жалал-Абад, Талас, Нарын, Ысык-Көл жана Чүй облустары боюнча райондук билим берүү бөлүмдөрүнө жана аларга караштуу мектептерге жана коомдук бала бакчаларына чыгуу уюштурулду. Жалпы республика боюнча шаардык жана райондук маанидеги 29 билим берүү бөлүмү аудит менен камтылды. Жеринде кароонун процессинде билим берүү бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү, мектеп директорлору жана бала бакчаларынын жетекчилери катышып, анын жыйынтыктары боюнча аралык отчеттор түзүлдү.

Ошентип, жеткирилген компьютердик жабдууларды кароо, мугалимдер менен маектешүү жана коомдук бала бакчалардын ишмердүүлүгүн текшерүү учурунда аудит тарабынан төмөнкүлөр аныкталды:

#### 4.16.1. Компьютердик жабдууларды жеткирүү: алардын болуусу жана эсеби, пайжалануудагы көйгөйлөрдүн болушу

Аудиттин жүрүшүндө «Келечек үчүн билим берүү» жана «Окуунун негиздерин бекемдөө» долбоорлорунун алкагында жеткирилген компьютердик жабдуулар бухгалтердик эсептин, ички контролдун жана максаттуу пайдалануунун эрежелерин бузуу менен колдонулуп жатканы аныкталды. Бул жагдай активдердин жоготуусуна жана кредиттик жана гранттык каражаттарды натыйжасыз пайдаланууга алып келүүчү тобокелдиктерди жаратууда.

29 шаардык жана райондук билим берүү бөлүмдөрүндө текшерүүнүн жыйынтыгында республикадагы мектептердин болжол менен 70%да компьютердик жабдуулар жана эмеректерге инвентардык номурлар ыйгарылбаганы аныкталды. Бул, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү тартиби жөнүндө Жобосунун 6-бөлүмүнүн, ошондой эле 2-бөлүмүнүн 7 жана 8-пункттарынын талаптарына карама-каршы келет. Баланс кармоочулар тарабынан жүргүзүлгөн эсеп формалдуу мүнөздө болуп, анда жабдуулар жана эмеректер ар биринин өзүнчө баасы, пайдалуу кызмат мөөнөтү жана инвентардык номурлары көрсөтүлбөстөн, бир сумманын алдында топтом түрүндө гана көрсөтүлүп жаткандыгы аныкталды.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча жабдуулардын жетишсиздиги жана максатсыз пайдаланылышы боюнча учурлар катталды. Алардын ичинде системалык блоктор, мониторлор, коммутаторлор, үзгүлтүксүз электр менен камсыздоо булактары жана проекторлор бар. Жалпы жетишсиздиктин суммасы **272,7 миң сомду** түздү. Бул суммага 2 комплект компьютер, 3 системалык блок, 2 проектор, 1 коммутатор жана 1 (ҮЭК) ИБП кирет. Айрым жабдуулар иштен чыккан абалда турат, аларды башка жактар өз алдынча оңдоп беришүүдө. Ошондой эле жабдуулардын бир бөлүгү мектеп администрациясы (директорлор, завучу) тарабынан пайдаланылып жатканы аныкталды. Бул болсо долбоордун максаттарына жана ички контролдун негизги принциптерине каршы келет.

Текшерүүлөр ошондой эле кабелдик интернетке туруктуу туташуунун жоктугун же таптакыр болбогонун көрсөттү: коюлган коммутаторлор колдонулбай, көпчүлүк учурларда таңгакталган абалда турган. Анын ордуна мектептер Wi-Fi маршрутизаторлорун колдонушуудa, бул интернет ылдамдыгынын провайдер көрсөткүчүнө салыштырмалуу 70%га чейин төмөндөшүнө жана антивирус программаларынын жана фаерволдордун жоктугунан улам уруксатсыз кирүү коркунучтарынын жаралышына алып келүүдө.

Мугалимдер коюлган компьютерлердин өндүрүмдүүлүгү төмөн экенин, Microsoft Office сыяктуу негизги тиркемелер менен иштөөдө да

такалып каларын, санариптик билим берүү платформаларын жана 3D-моделдерди колдонуу мүмкүн эместигин белгилешкен. Ошол эле учурда жүргүзүлгөн анализ HDD-дисктердин (1 ТБ) орточо жүктөлүшү жалпы көлөмдүн болгону 7–8% түзөрүн көрсөттү, бул мектептердин муктаждыктары жана санариптик платформалардын талаптары алдын ала талданбастан жабдуулардын конфигурациясы рационалдуу эмес тандалганын айгинелейт.

Аудитте төмөнкүлөр аныкталды, долбоорлор «Келечек үчүн билим берүү» жана «Окуунун негиздерин бекемдөө» алкагында берилген көп функционалдуу аппараттар (КФА) алты айдан ашык убакыттан бери иш жүзүндө колдонулбай турат. Бул кырдаал картридждерди толтуруу мүмкүн эместиги жана региондордо техникалык тейлөөнүн жоктугу менен шартталган. Материалдык жооптуу адамдар кепилдик тейлөө боюнча сервис борборлорунун бар экендиги жөнүндө маалыматка ээ болбогондуктан, арыз менен кайрылышкан эмес. Мындан тышкары, мектептердин административдик персоналы тарабынан КФАларды максатсыз пайдалануу учурлары да катталган. Бул жагдай билим берүү мекемелеринин жетекчилиги менен билим берүүнү башкаруу органдары тарабынан тийиштүү контролдун жоктугун дагы бир жолу тастыктайт.

STEM-кабинеттерин жана электрондук китепканаларды текшерүү учурунда, жеткирилген жабдуулардын басымдуу бөлүгү өз максаты боюнча колдонулбай жаткандыгы аныкталды. Компьютерлер жана мониторлор өчүрүлгөн абалда турган, жабдуулардын бир бөлүгү кутуларында сакталган, ал эми айрым системалык блоктор завучтар тарабынан пайдаланылган. Мектептердин биринде Windows 10 Pro for Education лицензиялык операциялык тутуму мыйзамсыз версиясына алмаштырылганы аныкталган, бул контракттык шарттарды жана кепилдиктик милдеттенмелерди бузуу болуп эсептелет. Мектептердин бир катарында STEM-кабинеттердин иштеши үчүн зарыл болгон инфраструктура жок, бул долбоордун максаттарына жетүүгө тоскоолдук жаратат.

Мындан тышкары, 2023-жылдын 10-октябрындагы №KG-MES KR-G-RFQ-2023-1/ контракттын алкагында жалпы суммасы 4 709,2 миң сомго (1 даанасы 72,5 миң сом) Lenovo IdeaPad 3 (Core i7, 12 ГБ RAM, 1000 ГБ, Nvidia MX450 видеокартасы) маркасындагы 65 ноутбук сатылып алынган. Сатып алуунун максаты — райондук билим берүү бөлүмдөрүн санариптик мониторинг жана маалыматтык аналитика жүргүзүү үчүн зарыл куралдар менен камсыз кылуу болгон. Бирок, аудиттин жүрүшүндө ноутбуктар максатсыз пайдаланылып жатканы аныкталды: тактап айтканда, бухгалтердик жана административдик иштер үчүн колдонулуп, айрым учурларда кызматкерлердин жеке муктаждыктарына да пайдаланылган.

Мындай учурлар Москва, Кара-Суу, Кочкор, Кемин, Нарын, Сузак жана Чүй–Токмок РББларында катталган. Ноутбуктардын техникалык көрсөткүчтөрү колдонуучулардын реалдуу муктаждыктарынан кыйла жогору: көрсөтүлгөн милдеттерди наркы 40 миң сомго чейинки моделдер толук аткара алмак. Натыйжада, болжол менен 2109,2 миң сом өлчөмүндө каражатты үнөмдөө мүмкүн болмок.

Аныкталган кемчиликтердин жыйындысы активдерди башкаруунун системалуу механизмдеринин жоктугун, КР ББИМ жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көзөмөлдүн алсыздыгын, бухгалтердик эсеп жана мүлктү максаттуу пайдалануу талаптарынын аткарылбаганын көрсөтөт. Кредиттик жана гранттык каражаттардын эсебинен алынган жабдуулар өз функционалдык милдеттерин көбүнчө аткарбай, пайдаланылбай же максатсыз колдонулуп жатат. Бул жагдайлар долбоорлорду ишке ашыруунун натыйжалуулугу төмөндүгүн жана ресурстарды максатсыз пайдалануу коркунучун айгинелейт.

### 4.16.2. Мугалимдерди «санариптик сабаттуулук» темасы боюнча окутуу: окутуунун сапаты жана алынган көндүмдөрдүн иш жүзүндө колдонулушу

Аудиттин жыйынтыгы боюнча, Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган «Келечек үчүн билим берүү» жана «Окуунун негиздерин бекемдөө» долбоорлору алкагында мугалимдердин санариптик сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар билим берүү мекемелеринин инфраструктуралык мүмкүнчүлүктөрүн тийиштүү талдоосуз жана алынган билимдерди практикада колдонуу деңгээлинин төмөн болушу менен жүргүзүлгөндүгү аныкталды.

КР Билим берүү жана илим министрлигинин Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн маалыматы боюнча, окутуу №KG-MES KR-CS-QCBS-2021-6A контракты (КФ (ОФ) «Билим берүү сапатын камсыздоо боюнча агенттик “EdNet”») жана №KG-MES KR-CS-QCBS-2021-7A контракты (ЖЧК «AC Consulting» ЭАКФ (МОФ)«Р. Отунбаева демилгелери» жана «Ысык-Көл сабаты» менен консорциумда) аркылуу жүргүзүлгөн. Жалпысынан 35 084 педагог окутуудан өткөн. Программаларды ишке ашыруу үчүн жеке компаниялар тартылып, алар 250–300дөй тренерди — мамлекеттик мугалимдерден, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринен жана жогорку окуу жайларынын окутуучуларынан жалдашкан.

Окутуунун программасында 40тан ашык санариптик куралдар жана платформаларды колдонуу каралган. Бирок, аудит жүргүзүү учурунда өткөрүлгөн жазуу түрүндөгү сурамжылоонун жыйынтыгында, практикалык иште алардын 10дон ашпаганы гана колдонулары аныкталды. Алардын

катарында: Canva, Quizizz, Padlet, Kahoot, Google Forms, PowerPoint жана Google Classroom бар. Мугалимдердин айтымында, курстун өтө кыска мөөнөттө жана интенсивдүү өткөрүлүшү (4 күн оффлайн окутуу, 4 күн онлайн-модуль жана 1 күн өз алдынча иш) көпчүлүк программаларды толук өздөштүрүүгө мүмкүндүк берген эмес. Ошондой эле, мектептердеги техникалык шарттардын жетишсиздиги — интернет ылдамдыгынын төмөндүгү жана коюлган компьютерлердин өндүрүмдүүлүгү начар болгону — санариптик куралдарды практикалык колдонууга олуттуу тоскоолдук жараткан.

Кошумча аныкталды, көптөгөн педагогдор кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн жеке ноутбуктарын жана мобилдик интернетин колдонууга мажбур экендиги аныкталды. Бул мектептердин инфраструктурасынын чыныгы абалы менен санариптештирүү боюнча иш-чаралардын ортосундагы байланышты камсыздоо жетишпей тургандыгын көрсөтөт. Ошентип, санариптик сабаттуулукту жогорулатуу боюнча иш-чаралар аймактардын жана мектептердин муктаждыктарын алдын ала талдоого негизделген эмес. Окутуунун мазмунун билим берүү мекемелеринин реалдуу мүмкүнчүлүктөрү менен айкалыштыруудагы кемчиликтер, ошондой эле жабдуулар жана интернет менен камсыздоо жетишсиздиги жүргүзүлгөн тренингдердин натыйжалуулугунун төмөн болушуна жана практикалык натыйжанын чектелүү болушуна алып келди.

Аныкталган жагдайлар Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү, подряддык уюмдар жана КР ББИМдин түзүмдөрү ортосундагы аракеттердин өз ара макулдашылбаганын көрсөтөт. Бул өз кезегинде сарпталган каражаттар менен мугалимдердин санариптик компетенциясынын фактыдагы деңгээлинин ортосундагы табигый дал келбестикке алып келген. Натыйжада мугалимдер арасында туруктуу санариптик көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча коюлган максаттар жарым-жартылай гана аткарылып, санариптик билим берүү технологияларын киргизүүнүн жалпы таасири төмөндөдү жана долбоордун алкагында иштелип жаткан санариптик платформанын потенциалы чектелүү бойдон калды.

### 4.16.3. Коомдук бала бакчаларынын (мындан ары – КББ) иши: шарттары, аянттары, баруучулардын саны.

Аудитте төмөнкүлөр аныкталды: «Келечек үчүн билим берүү» жана «Окуунун негиздерин бекемдөө» долбоорлорунун алкагында ишке ашырылган коомдук балдар бакчаларын (мындан ары — КББ) түзүү жана иштетүү боюнча иш-чаралар региондордун реалдуу муктаждыктарын тийиштүү деңгээлде талдоосуз жүргүзүлгөн. Натыйжада, объектилердин

олуттуу бөлүгү өз максаты боюнча иштебейт же натыйжасыз пайдаланылууда. Долбоордук документтерге ылайык, КББ ачуудагы негизги максат — 3 сааттык сменалар режиминде иштеген 560 коомдук балдар бакчасын түзүү аркылуу кенже жаштагы балдардын сапаттуу мектепке чейинки билимге жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү жана кеминде 28 000 баланы камтуу болгон. Ошол эле учурда, тандоонун негизги принциптери төмөнкүлөр катары аныкталган: төмөн кирешелүү жана мектепке чейинки билим берүү деңгээли төмөн аймактарга артыкчылык берүү; бийик тоолуу, алыскы жана чек арадагы райондорго артыкчылык берүү; жок дегенде 10 жылдык каржылоо планы бар камсыз кылынган жайлардын болушу; квалификациялуу кадрлардын жеткиликтүүлүгү; социалдык жактан аяр топтордон чыккан балдардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо.

Аудиттин алкагында республикадагы ар кандай райондордо жайгашкан КББларга жеринде барып кароодо долбоордун максаттары толук көлөмдө аткарылбаганын көрсөттү. Текшерилген объектилердин көбүндө иш жүзүндө барган балдардын саны долбоордо көрсөтүлгөн көрсөткүчтөргө туура келбейт. Маселен, Москва районундагы А. Арбуду атындагы №4 орто мектептин базасында долбоор боюнча 300 баланы (25 баладан турган 12 топ) камтуу жана 3 871,8 миң сом чыгымдоо пландалган. Бирок, факты жүзүндө болгону 3 кабинет иштейт жана аларда 80–100гө жакын бала гана катышат. Калган бөлмөлөр мектеп класстарына айландырылып, бул каражаттын максатсыз пайдаланылганын көрсөтөт.

Кемин районуна караштуу Бейшеке айылында баасы 2 594,5 миң сом болгон объект пайдаланууга даяр болгону менен, чатырдан суу кирүү маселеси чечилбегендиктен, бир жылдан ашуун убакыттан бери иштебей турат. Техникалык көзөмөл жана Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү бул кемчиликти билип турганына карабастан, негизги себеп жоюлбастан ремонт жүргүзүлгөн. Натыйжада шып, дубал жана пол жабыркап, бөлмө пайдаланууга жараксыз болуп калган. Бул болсо объекттин бош турушуна жана мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүктү камсыздоо максатынын аткарылбай калышына алып келген.

Ушул сыяктуу фактылар Кемин шаарындагы «Кемин-Касиет» КББда да катталды. 100 балага эсептелген бул имарат максаты боюнча иштебейт: 3 сааттык топтор түзүлгөн эмес, ал эми айрым бөлмөлөр толук күндүк режимдеги балдар үчүн пайдаланылууда. Ушундай эле бузуу фактылары Ат-Башы, Чүй–Токмок жана Кара-Суу райондорунда да аныкталды.

КББнын иш режимин өз алдынча өзгөртүү учурлары өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Мисалы, Жайыл районундагы «Золотой петушок» КББде оңдоо жана жабдуу иштерине 2 530,4 миң сом жумшалганына карабастан,

РББнин ички буйруктары менен объект 100 балага ылайыкташкан 3 сааттык режимден 30–35 бала катышкан толук күндүк режимге өткөрүлгөн. Ушуга окшош жагдай Кара-Балта шаарындагы «Дельфин» балдар бакчасында да аныкталды: долбоордун каражаттары мурун жергиликтүү бюджеттен ремонттолгон имараттын терезе блокторун алмаштырууга багытталган, бирок, эски терезелерге байланыштуу дефекти актылары жок (кийин наразычылык менен кошо берилген).

Аныкталган учурлар долбоорго объекттердин негизсиз киргизилгенин, КББны ачууга болгон реалдуу муктаждыктын алдын ала текшерилбегенин, ошондой эле пайдаланылбай жаткан же максатсыз колдонулуп жаткан жайларды оңдоого жана жабдууга багытталган кредиттик жана гранттык каражаттардын натыйжасыз пайдаланылганын көрсөтөт.

Аудиттин эсептөөлөрүнө ылайык, колдонулбай жаткан же жарым-жартылай гана иштеген объекттерге кеткен чыгымдар **23 602,6 миң сомду** түзөт. Бул сумма 50–100% деңгээлде пайдаланылбай турган объекттерди да камтыйт. Бул жагдай инвестициялардын максаттуулугу боюнча тийиштүү анализ жүргүзүлбөгөнүн, ББИМ, Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү жана жергиликтүү билим берүү органдарынын ортосунда координациянын жетишсиздигин, ошондой эле долбоор каражаттарын башкарууда ачыктык жана отчеттуулук принциптеринин бузулганын айгинелейт.

Ошентип, КББны түзүү жана ишке киргизүү компонентинин алкагындагы иш-чаралар мектепке чейинки билим берүүнү камтууну кеңейтүү боюнча жарыяланган максаттарды камсыздай алган жок. Туура эмес пландаштыруу, тандоо критерийлеринин сакталбагандыгы жана мониторингдин жоктугу объекттердин бир бөлүгү колдонулбай же башка багытта колдонулуп калышына алып келди, бул долбоордун социалдык таасирин төмөндөтүп, каражаттардын натыйжасыз сарпталышына себеп болду.

## 5. Сунуштамалар

### 5.1. Ички көзөмөл тутуму

- Кызматкерлер жумуштан бошогондо ишти өткөрүп берүү боюнча ички регламент бекитилсин, анын ичинде өткөрүп берүү актылары, тапшырылган документтердин тизмеси, электрондук/физикалык маалымат алып жүрүүчүлөр жана маалыматтык тутумдарга жеткиликтүүлүктөр көрсөтүлсүн.
- ДИАБ бардык секторлордо кириш–чыгыш каттарынын журналдарын жүргүзсүн, архивдик эсепке жооптуу адам дайындалсын, документтердин сакталышы жана жеткиликтүүлүгү камсыз кылынсын.

- Министрлик ДИАБ менен кызматташууда кадрдык туруктуулук планын иштеп чыгып, негизги адистердин агылып кетүү тобокелдиктерин азайтуу жана мурастоо механизмдерин киргизсин.

- Долбоор жетекчилери жаңы кызматкерлерге киришүү нускамасын берүүсүн жана иштерди өткөрүп берүү тартибин камсыз кылуусун расмий милдет катары киргизсин.

- Документтерди берүү мөөнөттөрү, стандарттуу топтомдор жана жооптуу адамдар боюнча ички нускамалар бекитилсин.

- Архивдик ревизия жүргүзүлүп, жоголгон же эсепке алынбаган материалдар аныкталса, тартиптик жоопкерчиликке тартуу чаралары көрүлсүн.

**5.2. Индикаторлордун тууралыгын жана чыгымдар менен жыйынтыктардын шайкештигин талдоонун жыйынтыктары боюнча**

- Министрлик санариптештирүү боюнча жаңы долбоорлорду жана саясатты иштеп чыгууда мазмундук жана таасирге багытталган индикаторлорду киргизиши жана долбоордук индикаторлорду түзүү үчүн бирдиктүү методиканы бекитүүсү зарыл. Долбоорду иштеп чыгуу этабында ички көзөмөл механизмдерин киргизүү зарыл.

- Индикаторлорду азыркы учурда өзгөртүү мүмкүн болбогондуктан, ДИАБ учурдагы мониторинг системасынын чектөөлөрүн чагылдырган аналитикалык обзор даярдоосу зарыл.

**5.3. Компьютердик жабдуулардын техникалык спецификацияларын пландаштыруу жана иштеп чыгуу боюнча талдоонун жыйынтыктары боюнча**

Жумушчу топтордун чечимдеринин айкындуулугун жана көзөмөлдөнүшүн камсыз кылуу бөлүгүндө:

-Министрлик жумушчу топтордун чечимдерин протоколдоштуруунун ички тартибин бекитсин, анда буга чейин макулдашылган техникалык чечимдерге өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн негиздерин милдеттүү тартипте көрсөтүү, ошондой эле тиешелүү жыйналышка катышкан бардык мүчөлөрдөн протоколго кол коюу талаптары каралышы керек.

- Тармактык же эксперттик уюмдардын сунуштары боюнча алдын ала кабыл алынган техникалык чечимдерди кайра кароо зарыл болгон учурда, кабыл алынган өзгөртүүлөрдүн логикасын жана негиздемесин чагылдырган тиешелүү документтик камсыздоону жүзөгө ашыруу.

Долбоордук пландаштыруунун логикасын жана компоненттердин өз ара координациясын сактоо бөлүгүндө:

-Кийинки демилгелердин алкагында сатып алынуучу жабдуулардын техникалык мүнөздөмөлөрүн санариптик билим берүү платформасынын талаптары менен алдын ала шайкеш келтирүү каралышы керек. Техникалык спецификацияларды бекитүү платформанын техникалык тапшырмасынын

болушуна, анын ичинде шайкештик параметрлерине жана функционалдык өзгөчөлүктөрүнө негизделүүгө тийиш.

- Долбоордук документтерде жана операциялык пландарда иш-чараларды этабы менен жүзөгө ашырууну, долбоордун негизги компоненттеринин бири-бирине байланышын (платформаны иштеп чыгуу, техникалык тапшырманы түзүү, сатып алуулар, окутуу) камсыздоону, мөөнөттөрдү жана жооптуу түзүмдөрдү так аныктоону караштыруу.

-Техникалык тапшырмаларды санариптик платформалардын актуалдуу талаптарын, баалоо программаларын (анын ичинде PISA, TAO стандарттарын) жана билим берүү чөйрөсүндөгү МКТ-инфраструктура боюнча эл аралык сунуштарды талдоонун негизинде иштеп чыгууну камсыз кылуу.

Айрым адистердин кызматтык милдеттерин аткарышы бөлүгүндө:

- Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү адистердин жеке техникалык тапшырмаларынын аткарылышын көзөмөлдөөнү камсыздасын, анын ичинде компонентчелерди аткаруунун ар бир этабы боюнча деталдуу пландарды жана отчетторду сунуштоосун талап кылуу.

- Кызматтык милдеттерин аткаруу боюнча тастыктоочу документтер жок болгон учурда, белгиленген тартипте тиешелүү кызматкерлердин натыйжалуулугун баалоону демилгелеп, ички регламенттин алкагында чара көрүү маселесин кароо.

Жооптуу түзүмдөрдүн ортосундагы ишти координациялоо бөлүгүндө:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги санариптештирүү, сатып алуулар, билим берүү контенти жана педагогикалык кадрларды даярдоо багыттары боюнча жооптуу өкүлдөрдү камтыган долбоордук координациялык кеңеш түзүү мүмкүнчүлүгүн кароого тийиш.

-Компонентченин алкагындагы иш-чараларды тутумдуу түрдө жүзөгө ашырууну камсыз кылган өз ара көз каранды этаптарды, көзөмөл пункттарын жана аткаруучуларды аныктаган бирдиктүү долбоордук календардык планды бекитүү.

Билим берүү тармагындагы компьютердик жабдууларга коюлуучу бирдиктүү техникалык талаптарды белгилөө бөлүгүндө:

-Министрлик Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен биргеликте билим берүү уюмдарынын санариптик инфратүзүмүнө коюлуучу учурдагы жана келечектеги талаптарды комплекстүү талдоодон өткөрүүгө тийиш. Бул талдоо санариптик платформалар, тутумдук жана программалык чечимдер менен шайкештик параметрлерин камтышы зарыл.

- Талдоонун жыйынтыктары боюнча бардык билим берүү баскычтары үчүн (жалпы билим берүүчү мектептер, техникумдар, колледждер, ЖОЖдор) колдонулуучу компьютердик жабдууларга коюлуучу бирдиктүү минималдуу техникалык талаптарды иштеп чыгып, бекитүү. Бул талаптар дистанциялык окутуу муктаждыктарын, билим берүү ресурстарын

колдонуу өзгөчөлүктөрүн жана жабдуулардын узак мөөнөттүү эксплуатациялык жарактуулугун эске алышы керек.

- Мамлекеттик сатып алууларды пландаштырууда жана техникалык тапшырмаларды түзүүдө аталган талаптардын милдеттүү түрдө колдонулушун камсыз кылуу, бул бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдаланууга жана сатып алынуучу техника санариптештирүү милдеттерине жооп бербей калуусуна жол бербөөгө багытталган.

**5.4. Сатып алуу жол-жоболорун талдоонун жыйынтыгы**

- Потенциалдуу ак ниетсиз жеткирүүчүлөр менен келишим түзүү коркунучтарын кыскартуу максатында, тендерге катышуучулардын коррупциялык, же башка укук бузууларга тийиштүүлүгү боюнча ачык маалыматтар аныкталган учурда, ДИАБ жана тендердик комиссия компетенттүү органдарга (ТИМ, УКМК ж.б.) ыкчам түрдө суроо-талаптарды жөнөтүп, расмий жооптор алынганга чейин акыркы чечимдерди кабыл алууну убактылуу токтотууга тийиш. Мындай процедуралар сакталбаган учурда — жооптуу адамдарды тартиптик жоопкерчиликке тартуу маселесин кароо зарыл.

- Министрлик ошондой эле жооптуу түзүмдүк бөлүмдөр кабыл алынган чечимдердин милдеттүү аудитордук көзөмөлдөнүү механизмин киргизүүгө тийиш. Тендердик процесстин бардык катышуучуларынын аракеттери документтештирилиши, бардык мүчөлөр тарабынан кол коюлушу жана электрондук жана кагаз архивдерде хронологиялык тартипте сакталууга тийиш.

-2022-жылдын 1-мартынын тендердик комиссиянын чечими аткарылбай, тиешелүү органдарга расмий каттар жөнөтүлбөй калгандыгына байланыштуу, күнөөлүү кызматкерлерди аныктоо жана мыйзамга ылайык жоопкерчилик маселесин кароо үчүн кызматтык териштирүү жүргүзүү демилгеленсин.

- Бекитилген тендердик документациясынын квалификациялык талаптарына жооп бербеген жабдууларды, жооп берет деп кабыл алынган маселеси боюнча тиешелүү жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**5.5. Жеткирилип берилген жабдууларга техникалык талдоонун жыйынтыгы**

Министрлик:

- Санариптештирүү тармагы боюнча компетенттүү органдарды жана көз карандысыз IT-эксперттерди тартып, жеткирилген жабдуулардын абалына тез арада комплекстүү техникалык баалоо жүргүзүүнү демилгелөө. Зарыл болгон учурда модернизациянын көлөмүн аныктоо, анын ичинде HDD’ни SSDге алмаштырууну, оперативдик эс тутумду жок дегенде 8 ГБга чейин көбөйтүүнү караштыруу;

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен биргеликте:

-жеткирилген жабдууларды кабыл алуу боюнча типтүү функционалдык мүнөздөмөлөрдүн тизмесин жана методикасын бекитүү, анын ичинде өндүрүмдүүлүктү тестирлөө жыйынтыктарын милдеттүү түрдө документтештирүүнү камсыз кылуу.

**5.6. Мугалимдерди окутуу боюнча иш чараларды талдоонун жыйынтыгы боюнча**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине:

- Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча республикалык институтун мамлекеттик инвестициялык программалардын алкагында квалификацияны жогорулатуу программаларын стратегиялық башкаруу, координациялоо жана ишке ашыруу боюнча мектептик жана мектепке чейинки билим берүү системасындагы бирдиктүү борборлоштурулган орган катары аныктоо.

- Долбоорлордун максаттарынын үнөмдүүлүгүн жана институционалдык туруктуулугун камсыз кылуу максатында, мамлекеттик инвестициялык программалар боюнча педагогикалык кадрларды окутуу менен байланышкан бардык иш-чараларды мүмкүн болушунча мамлекеттик билим берүү инфраструктурасын пайдаланып жүзөгө ашыруу.

- Жүргүзүлгөн талдоону эске алуу менен, долбоорлорду ишке ашыруу структурасында педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууда фасилитациялык кызматтарды тартуунун зарылдыгы жөнүндө маселени кароо.

- Долбоорлорду ишке ашыруу алкагында фасилитациялык кызматтарды тартуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2011-жылдын 27-январындагы №30 «Бюджеттик каржылоодогу мекемелерде, уюмдарда жана ишканаларда окуу сабактарын өткөрүүгө тартылган кызматкерлердин эмгек акыны саатына төлөөнүн ставкаларын бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген өлчөмдөрдө жана шарттарда жүзөгө ашырылсын.

- Республикалык бюджеттин эсебинен каржыланган тренингдерди жана окутуу иш-чараларын уюштурууда окуу топторунун минималдуу жол берилүүчү санын (мисалы, 30 адам) жөнгө салуучу нормативдик актыны иштеп чыгуу жана бекитүү маселесин кароо.

- Долбоордун негизги максаттарына жооп бербеген окутуу алкагындагы тамак-аш чыгымдарын минималдаштыруу үчүн окутуунун каскаддык ыкмасын жеринде колдонуу.

**5.7. Окуу материалдарын иштеп чыгууну талдоо жыйынтыгы боюнча**

- Иштелип чыгып жаткан окуу материалдарынын мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарына туура келүүсүнүн маанилүүлүгүн эске алуу менен, кошумча окуу материалдарды иштеп чыгуу Кыргыз билим берүү академиясынын функциялары жана милдеттери алкагында жүргүзүлүшү керек жана мындан ары кошумча окуу

материалдарын, тышкы уюмдарды тартпастан, Академия тарабынан иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн кароо.

- Ар бир этапта ыйгарым укуктуу адистер-эксперттер тарабынан отчетторду кабыл алуу жана бекитүү талабы контракттык шарттарга киргизилбей калгандыгына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин кароо. Бул талаптын жоктугу көрсөтүлгөн материалдардын сапаты жетиштүү көзөмөлдөнбөй жана өз убагында тийиштүү чара көрүлбөй калышына алып келген.

-Бардык контракттардын шарттарына ар бир этапта аткарылган иштер боюнча отчетторду ыйгарым укуктуу адис-эксперттер тарабынан милдеттүү түрдө кабыл алуу жана бекитүү боюнча талаптарды киргизүү.

-Окуу материалдарын иштеп чыгуу боюнча техникалык тапшырмаларды негизсиз бөлүштүрүүгө жана материалдар иштеп чыгуучулар менен санариптик билим берүү платформасын иштеп чыгуучунун ортосунда иштердин көлөмүнүн кайталанышына жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилигин кароо.

- Долбоорлорду ишке ашырууда ресурстарды натыйжалуу пайдалануу максатында, мамлекеттик билим берүү мекемелеринин ортосунда иштерди бөлүштүрүү боюнча иштерди жүргүзүү.

**5.8. СББПны иштеп чыгууну талдоо жыйынтыгы боюнча**

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин долбоорлорду ишке ашыруу жана координациялоо бөлүмүнүн негизсиз 460,8 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү төлөмдөргө жол берген кызматкерлеринин жоопкерчилигин кароо. Мындан сырткары “Улут Софт” ЖЧКсы тарабынан тиешелүү салыктардын төлөнүшүнүн толуктугун камсыдоо максатында салык кызматтарына тиешелүү кат жөнөтүлсүн.

- Билим берүү тармагындагы мамлекеттик институттардын потенциалын жогорулатуу максатында, билим берүү системасын санариптештирүүгө багытталган чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу милдеттерин «Санариптик билим берүү борбору» МУнун функциялары жана тапшырмалары алкагында жүзөгө ашыруу.

- Улуттук жана донордук программалардын алкагында билим берүү жабдууларын бөлүштүрүүнү пландаштырууда максаттуу мекемелердеги окуучулардын контингентин жана билим берүү чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн адистештирилген мектептердин муктаждыктарын сөзсүз эске алуу.

- Кийинки долбоордук сунуштарды даярдоодо өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар балдар үчүн санариптик билим берүү чечимдерин адаптациялоону караштыруу, анын ичинде жабдуулардын техникалык мүнөздөмөлөрүн жана санариптик контенттин мазмунун ылайыкташтыруу.

- Мындан ары Долбоордун каражаттарын максатсыз пайдалануу практикасын толук жокко чыгаруу, бардык чыгашалардын тиешелүү компоненттелердин максаттары жана милдеттери менен так байланышын камсыз кылуу. Каражаттарды сарптоо бекитилген иш-чаралар планында

гана, тиешелүү функционалдык жана техникалык негиздеме менен, жоoптуу түзүмдөрдүн тийиштүү көзөмөлү астында жүргүзүлүүгө тийиш.

**5.9. ОЖБМ жана КББларга жеринде текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча**

- Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте алынган жабдууларды толук инвентаризациялоону камсыз кылсын, ар бир бирдикке Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү Жобонун талаптарына ылайык, инвентардык номер берилсин жана бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге тартиптик чаралар көрүлсүн.

- Райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн (РООнун) жабдууларды талаптагыдай сактоо, пайдалануу жана максаттуу колдонуу боюнча ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтүү, анын ичинде үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, фото-документациялоону камсыз кылуу жана жабдуулардын учурдагы техникалык абалы боюнча борборлоштурулган отчеттуулукту киргизүү.

- Жабдууларды максатсыз пайдалануу фактылары (жеке максатта колдонуу, лицензиялык программалык камсыздоону алмаштыруу, жабдууларды китепканалардан жана STEM-кабинеттерден тышкары жайгаштыруу) боюнча кызматтык иликтөө жүргүзүү.

- Долбоордун кийинки этаптарын ишке ашыруунун алкагында жеткирүүдөн кийинки милдеттүү жайгаштыруудан кийинки көзөмөл механизмин иштеп чыгуу: фотоотчетторду борборлоштурулган түрдө жайгаштыруу, алыстан иштөөнү жеткиликтиктүүлүктү көзөмөлдөө жана мектептерде жабдууларды пайдалануусуна көз карандысыз аудит.

- Билим берүү бөлүмдөрүнүн муктаждыктары үчүн ноутбуктарды жана башка техника сатып алууну пландаштырууда жабдуулардын аткара турган конкреттүү милдеттерин эске алуу жана техникалык мүнөздөмөлөрдү ушул милдеттер менен шайкеш келтирүү. Сарамжалсыз чыгымдардын алдын алуу үчүн, жогорку өндүрүмдүүлүктөгү техниканы сатып алуу зарыл болгон учурда мындай сатып алуулардын максатка ылайыктуулугу техникалык тапшырма жана экономикалык негиздеме менен тастыкталышы керек.

-Педагогдорду санариптик көндүмдөргө окутуу боюнча иш-чараларды пландаштырууда жана ишке ашырууда билим берүү мекемелеринин инфраструктуралык даярдыгын алдын ала баалоону, ошондой эле жеткиликтүү техникалык жана уюштуруучулук шарттарды эске алуу менен мугалимдердин актуалдуу муктаждыктарын талдоону камсыз кылуу. Практикалык колдонууга ээ эмес модулдарды жана санариптик каражаттарды алып салуу маселелерин талдоо. Программалардын камтуусун жана мазмунун негиздөө күтүлгөн жыйынтыктарды жана аларды мониторинг кылуу механизмдерин баалоо менен коштолууга тийиш.

- Коомдук бала бакчаларды ачуу долбooруна катышуу үчүн берилген арыздарды алдын ала талдоонун системасын киргизүү, анын ичинде

камтууга тийиш болгон балдардын реалдуу накталай санынын болушун; имараттын шарттарынын КББ (ОДС) ачууга шайкештигин; имараттын капиталдык кемчиликтерин жоюу боюнча кепилденген чаралардын бар-жогун (чатырдан суунун кириши, канализация маселелери, электр тармагы жана башка) милдеттүү текшерүүлөрдү камсыз кылуу.

- КББнын иш режимин долбоорду ишке ашырууга жооптуу органдар менен макулдашуусуз жана алардын уруксатысыз өз алдынча толук күндүк бала бакча форматына өткөрүүгө жол бербөө. Долбоордук шарттардан ар кандай четтөөлөр донорлор менен макулдашылган техникалык-экономикалык негиздеме менен коштолууга тийиш.

- Долбоор каражаттарынын эсебинен ачылган бардык КББларды инвентаризациялоону жүргүзүү. Инвентаризациянын максаты: факты жүзүндө катышуунун белгиленген көрсөткүчтөргө шайкештигин документ түрүндө тастыктоо; имараттардын колдонулбай турушу же башка муктаждыктар үчүн кайра жабдылышы боюнча учурларды каттоо; колдонулбай турган имараттарды алардын максаттуу багытына кайтаруу же ресурстарды донорлор менен макулдашып кайра бөлүштүрүү.

- Кийинки ушул сыяктуу иш-чараларды пландаштырууда КББ ачуу боюнча арыздарды жана шарттарды милдеттүү түрдө текшерүүнү камсыз кылуу. Бул ишти техникалык жана педагогикалык профилдеги адистерди тартуу менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тыгыз өз ара аракеттенүүдө жүргүзүү жана каржылоо башталганга чейин тиешелүү корутундуларды расмий түрдө тариздөө.

### 5.10. Ушул аудиттин материалдары

-Бюджеттик каражаттардын натыйжасыз жана максатсыз пайдаланылышы боюнча аныкталган фактыларга байланыштуу, КББ жана УНЧ (ОДБ жана УО) долбоорлорун пландаштыруу жана ишке ашырууга жооптуу кызмат адамдарынын аракеттерине укуктук баа берүү үчүн материалдарды укук коргоо органдарына өткөрүп берүү.

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси**

ГКНБ — КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети КР УКМК
ГОО –Шаардык билим берүү бөлүмү ШБББ
ГУ – мамлекеттик мекеме ММ
ДОО — Мектепке чейинки билим берүү уюмдары МЧББУ
ЗАО – Жабык акционердик коому ЖАК
ИБ —Маалыматтык коопсуздук (МК)
ИБП — үзгүлтүксүз электр менен камсыздоо (ҮЭК)
ИКТ — Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар МКТ
ИТ — Маалыматтык технологиялар МТ
КАО — Кыргыз билим берүү академиясы КББА
МАР –Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы ЭӨА
МИД —Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги КР ТИМ
МОН КР — КР Билим берүү жана илим министрлиги КР ББИМ
МФ — КР Финансы министрлиги КР ФМ
МФУ — Көп функциялуу аппарат КФА
НБКР — КР Улуттук банкы
НСК — КР Улуттук статистикалык комитети
НЦОКОИТ — Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар боюнча улуттук борбору ББСБМТУБ
ОАО- Ачык акционердик коому ААК
ОДС — Коомдук балдар бакчасы КББ
ОО — Билим берүү уюму ББУ
ОРП — Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү ДИАБ
ПК — Персоналдык компьютер ПК
РПККЖКДИ — Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо институту
РК – Казакстан Республикасы Каз Рес
РОО — Райондук билим берүү борбору РБББ
СОШ — Орто жалпы билим берүүчү мектеби ОЖББМ
СПЗ —Өзгөчө зайым алуу укугу ӨЗУ
SSD — Твердотельный накопитель Катуу абалдагы диск
STEAM — Science, Technology, Engineering, Art, Mathematics
ТЗ — Техникалык тапшырма ТТ
ТОО – Жоопкерчилиги чектелген шериктештик ЖЧШ
ЦОП — Санариптик билим берүү порталы СББП
ВУЗ — жогорку окуу жайы ЖОЖ
PISA — Programme for International Student Assessment
QCBS — Quality and Cost Based Selection
RFB — Request for Bids
RFQ — Request for Quotation
SMART — Specific, Measurable, Achievable, Relevant, Time-bound
HDD — Жесткий диск Катуу абалдагы диск